28.Термез мамлекеттик инженердик жана айыл-чарба технология университети (Өзбекстан)
29.Түндүк Кытай электр энергетика университети (КЭР)
30.Шандон айыл чарба жана инженердик университети (КЭР)
31.Бизнес жана илим университети
32.В. Г. Шухов атын. Белгород мамлекеттик технологиялык университети
33. Инновациялык технологиялар жана энергетика институту
34. Ш. Уалиханов атын. Кокшетау университети (Казакстан)
35. Өзбекстандын күрүч илим-изилдөө институту (Өзбекстан)
36. М.Дулатов атын. Костанай инженердик-экономикалык университети (Казакстан)

37. Х.М.Бербекова атындагы Кабардин-Балкар мамлекеттик университети (Россия)
38. Дон мамлекеттик техникалык университети (Россия)
39. Наманган мамлекеттик чет тилдер институту (Өзбекстан)
40. Ханбат мамлекеттик университети (Корея Республикасы)
41. Эл аралык инженердик жана технология университети
42. Сибир федералдык университети (Россия)
43. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети
44. Мукими атын. Кокон мамлекеттик педагогикалык институту (Өзбекстан)
45.Андижан айыл чарба жана агротехнология институту (Өзбекстан)
46. Кокон университети (Өзбекстан)
47.Б. Н. Ельцин атын. Кыргыз-Орус Славян университети
48. Бинтуан Синсин кесиптик-техникалык колледжи (КЭР)
49. И.Каримов атындагы Ташкент мамлекеттик техникалык университетинин Кокон филиалы (Өзбекстан)
50. Андижан машина куруу институту (Өзбекстан)
51. Бишкектеги Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети
52. Ош мамлекеттик университети
53. Турин политехникалык университети (Өзбекстан)
54. Мухаммад Аль-Хорезми атын. Ташкент маалымат технологиялар университетинин Фергана филиалы (Өзбекстан)
55.Фергана мамлекеттик университети (Өзбекстан)
56. Кыргыз-Германия прикладдык информатика институту
57.Ташкент геология илимдери университети (Өзбекстан)
58.Ташкент химия-технологиялык институту (Өзбекстан)
59.Улуу Петр Санкт-Петербург политехникалык университети (Россия)
60.Улуттук изилдөө университети (Росиия)
61. Нижневартовск мамлекеттик университети (Россия)
62. Тамбов мамлекеттик техникалык университети (Россия)
63. Ouyu Huatong (Beijing) Study Abroad Consulting Service Co., Ltd компаниясы (КЭР)
64. Хожа Ахмед Ясави атындагы Казак-Түрк университети (Казакстан)
65. Хонам университети (Корея Республикасы)
66. Мамлекеттик башкаруу университети (Россия)
67. Жансүгүров атын. Жетису университети (Казакстан)
68. Н.П. Огарев атын. Мордовия мамлекеттик улуттук изилдөө университети
69. Ташкент гуманитардык университети (Өзбекстан)
70. Бухара инженердик-технологиялык институту (Өзбекстан)
71. И. Жансугуров атын. Жетисуу университети (Казакстан)
72. А.Байтурсынов атын. Костанай мамлекеттик университети (Казакстан)
73. Кубан мамлекеттик университети (Россия)
74. Москва мамлекеттик геодезия жана картография университети (Россия)
75. Навои атын. мамлекеттик тоо-технологиялык университети (Өзбекстан)
76. М.К. Аммосова атын. Түндүк-Чыгыш Федералдык университети (Россия)
77. Академик М. Ф. Решетнев атын. Сибирь мамлекеттик илим жана техника университети (Россия)
78.Талас мамлекеттик университети
79. Ташкент мамлекеттик агрардык университети (Өзбекстан)
80. Турин политехникалык университети (Өзбекстан)
81. Туран университети (Өзбекстан)
82. Урал мамлекеттик экономикалык университети (Россия)
83. Германия кызматташтык коому (GIZ)
84. А. Бөкейхан атындагы университети (Казакстан)

85.И.Каримов атын. Ташкент мамлекеттик техникалык университетинин Кокон филиалы (Өзбекстан)
86. Кострома мамлекеттик айыл чарба академиясы
87. Курск мамлекеттик университети (Россия)
88. Москва политехникалык университети (Россия)
89. Наманган инженердик-курулуш институту (Өзбекстан)
90. Н.В.Парахин атын. Орёл мамлекеттик агрардык университети (Россия)
91. А. Н. Косыгин атын. Россия мамлекеттик университети (Россия)
92. Санкт-Петербург мамлекеттик аэрокосмостук приборлор университети
93. Аммосов атын. Түндүк-Чыгыш федералдык университети
94. М. Х. Дулати атын. Тараз аймактык университети
95. Урал мамлекеттик агрардык университети (Россия)
96.Фергана политехникалык институту (Өзбекстан)
97. Эрасмус+ офиси
98. Россия мамлекеттик социалдык университетинин Ош шаарындагы филиалы
99. Казакстандагы технология жана бизнес университети
100. К. И. Сатпаев атын. Казак улуттук изилдөө университети
101. Аймактык билим берүү институту
102. №1 Маргилан политехникуму (Өзбекстан)
103. Тува мамлекеттик университети
102. Алматы технология-экономикалык колледжи
103. Харбин инженердик университети (КЭР)
104. Pamir Testing Co., Ltd. компаниясы (КЭР)
105. Shuangdeng group Co., Ltd. компаниясы (КЭР)
106. Шицзяжуан кесиптик-техникалык колледжи

**Ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүк**

ОшТУда окутуунун инновациялык усулдары жана санариптештирүү студенттерге бир эле учурда эки жогорку окуу жайда окууга мүмкүндүк берет. Мисалы, академиялык мобилдүүлүккө кабыл алынган студенттер макулдашылган окуу планы боюнча окушат жана мында дистанттык форматта ОшТУнун окуу планында көрсөтүлбөгөн предметтерди окуй алышат.

ОшТУдан сыртта эл аралык стажировкадан өткөндөр туурасында

7-таб.

| № | ЖОЖ | Аты-жөнү | Адистиги | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Фергана мамлекеттик университетинде | С.К. Бердибекова | Технологиялык билим берүү | март-апрель, 2025 |
| 2 | Фергана мамлекеттик университетинде | Г.Б.Сапарова | Колдонмо математика жана информатика | март-апрель, 2025 |
| 3 | Фергана мамлекеттик университетинде | Р.А. Алиева | Технологиялык билим берүү | март-апрель, 2025 |
| 4 | Кубань мамлекеттик университети (Россия) | Б. Убайдилла уулу | Картография жана геоинформатика | май, 2025 |
| 5 | Кубань мамлекеттик университети (Россия) | Р. Бекташова | Картография жана геоинформатика | май, 2025 |
| 6 | Казак улуттук агрардык изилдөө университети (Казакстан) | Ж. К. Ирматова<br>Б.Т. Жантураева<br>Г. Маматиса кызы | Айыл чарбасын кайра | июнь, 2025 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Назарбек кызы А. (магистр) | иштетүүнүн технологиясы | |
| 7 | Кожаэлели университети (Түркия) | А. Пазылова | Экономика | сентябр, 2024-январь, 2025 |
| 8 | Зальцбург университети (Австрия) | Г. Ергешова | Маалымат технологиялары | май-июнь, 2025 |

Мындан сырткары доцент Ж. К. Ирматованын жетекчилигинде “Айыл чабар продукциясынын кайра иштетүүнүн технологиясы” адистигинин 9 студенти Казак улуттук агрардык изилдөө университетинде жайкы мектепке барып, стажировкадан өтүп келишти.

**Эл аралык стажировка**

2025-жылдын экинчи жарым жылдыгында ОшТУнун Индустриалдык-педагогикалык институтунун Кесипке билим берүүнүн технологиясы жана Колдонмо математика жана информатика кафедраларынын окутуучулары С.К. Бердибекова, Г.Б.Сапарова, Р.А. Алиева квалификация жогорулатуу, кызматташтыкты бекемдөө, алдыңкы тажрыйбалар менен алмашуу жана Билим берүү жана илимдеги заманбап тенденциялар менен таанышуу максатында Фергана мамлекеттик университетинде (ФерГУ) гибриддик негиздеги илимий стажировкадан ийгиликтүү өтүштү. (https://www.facebook.com/share/p/16YoLXKemU/).

ОшТУнун “Картография жана геоинформатика” багыты боюнча 2-курстун докторанттары Бекташова Роза Абдакимовна жана Убайдулла уулу Бектур 2025-жылдын 12-майынан 12-июнуна чейин Россиянын Кубань мамлекеттик университетинде стажировкадан өтүп келишти. (https://www.facebook.com/share/p/1AkezwvAdW/), https://www.facebook.com/share/p/18ZnzD4vJT/.

ОшТУга чет өлкөлөрдөн келип, стажировкадан өткөндөр туурасында.

8-таб.

| № | 144 сааттык стажировка | Кайсы өлкөдөн? | 8, 12, 24 сааттык конок лекциялар | Кайсы өлкөдөн? |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 130 | Өзбекстан | 59 | Өзбекстан |
| 2 | 4 | Кытай | - | - |
| 3 | 4 | Корея Республикасы | - | - |
| | 138 | | 59 | |

ОшТУда чет өлкөлөрдөн келген окумуштуу окутуучуларга стажировкаларды төмөндөгү 6 кафедра ийгиликтүү аткарганга салым кошушту: “Курулуш өндүрүшү” кафедрасы, “Транспорттук логистика жана тейлөө технологиясы” кафедрасы, “Электр жабдуулары жана жылуулук энергетикасы” кафедрасы, “Электр станциялар, системалар, тармактар жана энергетика” кафедрасы, “Азык заттар жана айыл чарба азыктарынын технологиясы” кафедрасы, “Женил өнөр жайынын технологиясы” кафедрасы.

**2024-2025-окуу жылында визага тапшырган чет өлкөлүк студенттер**

**9**-таб.

| **№** | **Институттар боюнча** | **Студенттердин саны** |
|---|---|---|
| **1** | **Индустриалдык-педагогикалык институт** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 31 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 14 |
| **2** | **Архитектура жана курулуш институту** | |

| | | |
|---|---|---|
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 14 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 5 |
| **3** | **Инновациялык маалымат технологиялар институту** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 14 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 6 |
| **4** | **Технология жана жаратылышты пайдалануу институту** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 22 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 22 |
| **5** | **Экономика жана башкаруу институту** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 24 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 11 |
| **6** | **Энергетика жана транспорт институту** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 10 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 7 |
| **7** | **Аспирантура жана доктарантура бөлүмү** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 12 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 12 |
| **8** | **Магистратура бөлүмү** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 12 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 6 |
| **9** | **Гуманитардык-технологиялык колледж** | |
| | • Чет өлкөлүк студенттер | 42 |
| | • Электрондук визага тапшырган студенттер | 1 |

**Чет мамлекеттер менен болуп жаткан иш-чаралар тууралуу маалымат**

2024-жылдын 3-октябрында ОшТУнун ректору профессор Ж.Ж.Турсунбаев жетектеген делегация Ташкент шаарындагы геологиялык илимдер университетинде болушту. https://oshtu.kg/kg/2024/08/26/oshtu-tashkenttegi-geologiyalyk-ilimder-universiteti-menen-kyzmattashuusun-ke%d2%a3ejtet/.

2024-жылдын 19-ноябрында ОшТУнун Жеңил өнөр-жайынын технологиясы кафедрасынын окутуучусу, ОшТУнун практика башчысы М. К. Ибраеванын жетекчилиги астында костюм жана текстиль искусствосу жана жеңил өнөр-жай буюмдарынын технологиясы багытында билим алып жатышкан студенттер Фергана политехникалык институтунун өндүрүштүк ишканаларына барып, практикадан өтүштү. https://oshtu.kg/kg/2024/11/19/oshtunun-studentteri-fergana-shaaryna-praktikaga-baryshty/

ОшТУнун делегациясы 2024-жылдын 29-30 – ноябрь күндөрү Андижан айыл чарба жана агротехнологиялар институтунун 60 жылдык маарекесине катышып, жылуу куттуктап, илим, билим жана маданият тармагындагы кызматташтыкты мындан ары да өнүктүрүүгө даяр экендиктерин билдиришти. https://oshtu.kg/kg/2024/12/02/oshtunun-okumushtuulary-andizhandagy-el-aralyk-ish-charaga-katyshyshty/

2024-жылдын 18-декабрында ОшТУнун Архитектура жана курулуш институтунун директору т.и.к., доцент Шабданов М. Д., Сызма геометрия жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысы, доцент Токтосунов А.А. Термез мамлекеттик инженердик жана айыл чарба технологиялар университетинде болуп, архитектура жана курулуш факультетинин студенттерине лекция окушту. https://oshtu.kg/kg/2024/12/18/oshtunun-okutuuchulary-%d3%a9zbekstanda-sabak-%d3%a9t%d2%afp-zhatyshat/

ОшТУнун индустриалдык-педагогикалык институтунун директору т.и.к., доцент У.К. Абдалиев, табигый-гуманитардык илимдер борборунун башчысы п.и.д., профессор А.

Т. Саттарова, кесипке билим берүүнүн технологиясы кафедрасынын башчысы, доцент С. К. Бердибекова, колдонмо математика кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Г. Б. Сапарова, институттун окутуучулары жана студентттери 2024-жылдын 23-декабрында Наманган мамлекеттик университетинде болуп, университетинин ишмердүүлүгү менен таанышып окутуучулар мастер-класс, конок лекцияларды өтүп, өз тажрыйбалары менен бөлүшүп, студенттер педагогика факультетинин живопись, искусство, башталгыч класстардын мугалими, технология багытындагы сабактарга катышышты. https://oshtu.kg/kg/2024/12/23/oshtunun-okutuuchulary-%d3%a9zbekstanda-tazhryjba-almashty/

ОшТУнун "Физика жана энергетикалык машина куруу" кафедрасынын окутуучулары, "Машина куруу" жана эксперименталдык "Энергетикалык машина куруу" багытындагы студенттери 2025-жылдын 22-февралында Андижан машина куруу институтунун базасы менен таанышып келишти. Жолугушууда эки тараптуу кызматташуунун жана студенттердин, окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн ишке ашыруу, эки окуу жайдын ортосундагы илимий иштерди жүргүзүү жолдору талкууланып, жол картасы түзүлдү. Ошондой эле, Наманган шаарындагы "УзЧасис" ЖЧК Өзбек-Корея биргелешкен ишканасы менен келишим түзүлүп, сүйлөшүүлөр болду. Аталган ишканада Ош технологиялык университетинин студенттерине практикалык жана лабораториялык сабактарды өтүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө. (https://www.facebook.com/share/p/1HQMnq4GPd/)

ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору, профессор У.Ж.Мамытов жетектеген делегация 2025-жылдын 26-мартында Ташкент архитектура жана курулуш университетинде болуп, ОшТУнун эл аралык билим берүү жана илим мейкиндигиндеги чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар жана мекемелер менен кызматташтыктары тууралуу кеңири маалымат берип, Өзбекстандагы жогорку окуу жайлары менен кызматташуулар тууралуу айтып, аталган университетти ОшТУ менен тыгыз кызматташууга чакырды. (https://www.facebook.com/share/p/1Ep5k16SYC/).

2025-жылдын 28-мартында ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору, профессор У.Ж.Мамытов жетектеген делегация окуу жайлар аралык түзүлгөн келишимдин негизинде Өзбекстандагы И.Каримов атындагы Ташкент мамлекеттик техникалык университетине атайын иш сапары менен барып келишти. Жолугушууда, окуу жайлардын илимпоздорунун чогуу илимий изилдөөлөрүн жүргүзүү, профессордук-окутуучулук курам менен бирге студенттерге дагы академиялык мобилдүүлүктү күчөтүү, биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу сыяктуу эки тараптуу кызматташтыкты арттыруу боюнча маселелер талкууланды. https://www.facebook.com/share/p/16S52kpKXS/

2025-жылдын 9-апрелинде ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору, профессор У.Ж.Мамытов жетектеген делегация Өзбекстандын Навои тоо-кен иштери жана технологиялык университетине окуу жайлар аралык түзүлгөн келишимдин негизинде атайын иш сапар менен барышты. (https://www.facebook.com/share/p/1CfnVER1LV/).

ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору У.Ж.Мамытов жетектеген расмий делегация 2025-жылдын 11-апрелинде Өзбекстандын Навои тоо-кен иштери жана технологиялык университетинин ректору Б.Мардонов менен жолугуп, биргелешкен билим берүү программаларын түзүү жана окумуштуулардын тажрыйба алмашуусунда кызматташууну күчөтүү, илимий долбоорлорду ишке ашыруу жана семинар-конференцияларды уюштуруу маселелери талкууланды.(https://www.facebook.com/share/p/1A5KdVQkC2/).

2025-жылдын 24-апрелинде ОшТУнун дүйнөлүк тилдер кафедрасынын окутуучулары – Б.А.Жанибекова, Ч.А.Зикирова жана Н.Чыңгызбек кызы ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө, жогорку окуу жайларындагы бүгүнкү жана келечектеги реалдуулуктарга багытталган чакырыктар, алдыңкы реформалар менен таанышуу жана тажрыйба алмашуу максатында Андижан айыл чарба жана агротехнологиялары институтунда болуп, англис жана орус тилдери боюнча ачык сабак өтүшүп, окуу жайдын

студенттерин академиялык мобилдүүлүккө кызыктырып, аларга глобалдык билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган дискуссияларды уюштурушту. (https://www.facebook.com/share/p/1YZzfmPb56/).

2025-жылдын 24-апрелинде ОшТУнун окуу иштери боюнча проректор, профессор У.Ж.Мамытов жетектеген делегация Екатеринбург шаарындагы “Екатеринбург-Экспо” эл аралык көргөзмө борборунда 76 чет элдик жана орусиялык дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн өкүлдөрү катышкан “Евразиялык мейкиндиктеги экономикалык кызматташтык: синергетика жана кызыкчылыктардын тең салмактуулугу” деген темада Эл аралык дипломатиялык форумга катышып келищти. (https://www.facebook.com/share/p/1BhZSS1qkX/).

ОшТУнун инновациялык маалымат-технологиялар институтунун директору Арзыбаева М.А. 2025-жылдын 25-апрелинде XV-Евразиялык экономикалык жаштар форумунун алкагында Урал мамлекеттик экономикалык университетинин студенттерине «Цифровая трансформация экономики ЕАЭС: потенциал и перспективы» деген темада лекция окуп, санариптик экономика, электрондук коммерция жана “Түндүк” электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр порталы тууралуу, КРда эмгек ресурстарын, энергетиканы, инфраструктураны, транспортту, байланышты, билим берүүнү, сооданы – товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кыймылын, бажы процесстерин санариптештирүү боюнча комплекстүү чаралар ишке ашырылып жатканы тууралуу маалымат берди. (https://oshtu.kg/kg/2025/04/25/oshtunun-ilimpozu-ekaterinburgda-lekcziya-okudu/)

2025-жылдын 29-30-апрель күндөрү ОшТУнун коомдук илимдер кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент Г.К.Бекмурзаева жетектеген окумуштуулар тобу Андижан айыл чарба агротехнологиялар институтунда болуп, тарых, философия дисциплиналарынан конок лекцияларды окуп, коомдук илимдердин актуалдуу маселелери боюнча мастер-класстарды өтүштү. https://www.facebook.com/share/p/1E4DTQqhE3/

2025-жылдын 2–5-май күндөрү Ош ТУнун табигый - гуманитардык илимдер борборунун так илимдер кафедрасынын окутуучулары ф.-м.и.к., доцент Маматкасымова А.Т., ага окутуучу Курманалиева Г.С., т.и.к., доцент Атамкулова М.Т., окутуучулар Абылкасымова Г.Ы., Бексариева Ж., Жамшитбек кызы Элиза жана Сүйүнбай кызы Меңдайым Андижан айыл чарба агротехнологиялар институтуна иш сапарга менен барып, конок лекцияларды өткөрүп, билим берүү методдорун жана технологияларын өнүктүрүү, IT жана санарип трансформация багытындагы тажрыйба алмашуу,илимий-изилдөө жана академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү багытында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келишти. (https://www.facebook.com/share/p/1DY5G4Z2Jx/).

2025-жылдын 5–8-май күндөрү ОшТУнун Экономика жана башкаруу институтунун өкүлдөрү 580100 – Экономика жана 580600 – Логистика багыттары боюнча бакалавр жана магистратура деңгээлдеринде биргелешкен окуу программаларын (СОП) түзүү, макулдашуу жана бекитүү максатында Өзбекстандын Ташкент архитектура жана курулуш институтуна жана Навои мамлекеттик тоо кен жана технологиялык университетине иш сапары менен барып, эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында 2+2 формасындагы окуу пландары талкууланып, макулдашылды. (https://www.facebook.com/share/p/1CdcBihqf1/).

2025-жылдын 7-8-май күндөрү ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин Коомдук илимдер жана Дүйнөлүк тилдер предметтик-циклдик бирикмелеринин окутуучулары Өзбекстандын Фергана политехникалык университетине тажрыйба алмашуу, конок лекцияларды окуу, академиялык мобилдүүлүктү арттыруу жана окуу жайлар ортосундагы кызматташтыкты кеңейтүү максатында иш сапарда болушту. https://www.facebook.com/share/p/1G7jSDsxnG/

ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин Коомдук илимдер жана дүйнөлүк тилдер предметтик-циклдик бирикмесинин башчысы Элчибеков Улукбек Сабирбекович жетектеген окутуучулардын делегациясы 2025-жылдын 6-7-май күндөрү

Кокон мамлекеттик педагогикалык университетине тажрыйба алмашуу максатында иш сапарда болушту. Сапардын алкагында эки окуу жайдын ортосунда билим берүү, илимий-изилдөө жана академиялык алмашуу жаатында кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталып, окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүнө шарт түзгөн келишимдерге кол коюлду. (https://www.facebook.com/share/p/1AbikiQ95k/).

2025-жылдын 7-8-май күндөрү ОшТУнун сырткы байланыштар жана өнүктүрүү боюнча проректору, ф.и.д. А.Т.Акматалиев жетектеген делегация Аль-Хорезм атындагы Ташкент маалымат технологиялар университетинде болуп, билим берүүнү санариптик трансформациялоо боюнча тажрыйба алмашуу, илим жана технологиялык кызматташтык боюнча эки тараптуу макулдашууларды колдоо жана академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында иштерди күчөтүү сыяктуу кызматташтыктын негизги багыттары боюнча сүүлөшүүлөр жүргүзүлдү. Белгилей кетсек, 2025-жылы аталган окуу жай менен жигердүү аракеттеринин натыйжасында бир канча эл аралык долбоорлор иштелип чыгып, сынактарга сунушталган (Евробиримдикке жана Корея Республикасына). (https://www.facebook.com/share/p/1HkAxjqyA2/).

ОшТУнун инновациялык жана маалымат технологиялары институтунун Байланыш түйүндөрү жана телекоммуникация системалары кафедрасынын профессору, техника илимдеринин кандидаты Н.А. Сопубеков илимий-окуу байланыштарды чыңдоо, иш тажрыйба алмашуу жана мындан аркы кызматташтыкты өнүктүрүү максатында 2025-жылдын 13-майынан 18-майына чейин Навои мамлекеттик тоо-кен иштери жана технологиялар университетинде иш сапарда болду. (https://www.facebook.com/share/p/12HmznjAQT1/)

**Эл аралык конференциялар, семинарларга катышуу**

Кытай Эл Республикасынын Ляочэн шаарындагы Жогорку технологиялык аймакта 2024-жылдын 3-августунда "Бир алкак жана бир жол" эл аралык конференциясына ОшТУнун ректору Ж.Ж.Турсунбаев жетектеген делегация катышты. Иш сапардын жүрүшүндө ОшТУ менен Ляочэн шаарындагы Жогорку технологиялык аймакты башкаруу комитети бир катар стратегиялык кызматташтык келишимдерине кол коюшту. https://oshtu.kg/kg/2024/08/05/oshtunun-delegacziyasy-lyaochen-shaaryndagy-bir-alkak-zhana-bir-zhol-el-aralyk-almashuu-konferencziyasyna-katyshty-zhana-kytajlyk-kompaniyalar-menen-zholuktu/.

ОшТУнун экология жана айлана-чөйрөнү коргоо кафедрасынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты, доцент Ы.К. Аматов, окутуучулар А. Авазбек уулу жана А.А. Арстановалар 2024-жылдын 19-ноябрында Жалал–Абад шаарында өткөрүлгөн "Түштүк Кыргызстандын жаңгак-мөмөлүү токойлорунун топурагынын азыркы абалы" аталышындагы V эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышып, эл аралык топурак классификациясын Кыргызстандын тоо экосистемаларынын өзгөчөлүгүнө ыңгайлаштыруу маселелери боюнча өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы менен тааныштырышты. https://oshtu.kg/kg/2024/11/19/oshtunun-okutuuchulary-el-aralyk-konferencziyada-3/

2024-жылдын 22-ноябрында Ош тТУнун ректору профессор Жанболот Турсунбаев Кытай Эл Республикасынын Тяньцзинь шаарында өткөрүлүп жаткан дүйнөлүк профессионалдык-техникалык билим берүүнү өнүктүрүү конференциясына катышып, баяндама жасады. Иш-чара Кытай Эл Республикасынын Билим берүү министрлиги, Кытайдагы ЮНЕСКОнун Улуттук комитети жана Тяньцзинь шаардык элдик өкмөтү тарабынан уюштурулуп, ага Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият боюнча уюму сыяктуу маанилүү эл аралык уюмдары жана ар кайсы өлкөлөрдүн кесиптик билим берүү жетекчилери, өндүрүштүк бирикмелер, белгилүү ишканалар, илим-изилдөө мекемелери жана кесиптик-техникалык окуу жайлары катышты.

https://oshtu.kg/kg/2024/11/22/oshtunun-rektoru-zh-zh-tursunbaev-d%d2%afjn%d3%a9l%d2%afk-konferencziyada/

ОшТУнун делегациясы 2024-жылдын 29-30 – ноябрь күндөрү Андижан айыл чарба жана агротехнологиялар институтунун 60 жылдык мааракесине арналган “Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда агрардык сектордун көйгөйлөрү жана аны чечүү жолдору” аттуу эл аралык конференцияга катышышты. https://oshtu.kg/kg/2024/12/02/oshtunun-okumushtuulary-andizhandagy-el-aralyk-ish-charaga-katyshyshty/

ОшТУнун окутуучулары ф.и.д.,профессор Атакулова М.А., ф.-м.и.к., доцент Маматкасымова А.Т. т.и.к., доцент Турдубаева Ж.А. 2024-жылдын 2-декабрында “Ойлоп табуудагы, илимдеги креативдүү индустрияда жана ишкердиктеги аялдар” аттуу эл аралык форумга катышып, профессор Атакулова Мерим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги тарабынан уюштурулган «Илимдеги, ойлоп табуучулуктагы жана инновациядагы аялдардын образы» конкурсунун «Окумуштуу аял» номинациясынын жеңүүчүсү деп табылды. (https://oshtu.kg/kg/2024/12/02/oshtunun-okutuuchulary-el-aralyk-forumda/).

ОшТУнун магистратура бөлүмүнүн студенттери Биймамат уулу Шахназар жана Турапов Айдарбек Россия Федерациясынын борбору Москва шаарында 14-20-март күндөрү 8 мамлекеттен келген 150 делегат катышкан эл аралык “Евразия кинофест” форумуна катышты. (https://www.facebook.com/share/p/1Auqai89zr/)

2025-жылдын 25-мартында ОшТУнун бизнести башкаруу жана социалдык иш кафедрасынын башчысы, профессор Кедейбаева Ж.А., доцент Маметова Г.А., доцент Касымова С.М., доцент Бахрамжанова Н.М. жана ага окутуучу Кушбакова А.Т. Ташкент шаарындагы Мирзо Улугбек атындагы Улуттук университетинде өткөрүлгөн «Толеранттуулук-тынчтыктын улуттар аралык, жарандар аралык, ынтымактыктын, тилектештиктин гаранты» аттуу эл аралык илимий конференцияга катышып, илимий баяндама жасап келишти. (https://www.facebook.com/share/p/1BqYBqDBPh/).

2025-жылдын 11-апрелинде ОшТУнун Индустриалдык-педагогикалык институтунун Кесиптик билим берүүнүн технологиясы кафедрасы Фергана мамлекеттик университетинин Технологиялык билим берүү кафедрасы менен биргеликте технологиялык билим берүү тармагындагы заманбап ыкмаларды талкуулоо, илимий иштер боюнча тажрыйба алмашуу жана эки университеттин ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо максатында "Технологиялык билим берүүнүн заманбап ыкмалары жана илимий иштер боюнча тажрыйба алмашуу" аттуу темада гибриддик форматта эл аралык илимий-методикалык семинар өткөрүп, ага ОшТУнун, Фергана мамлекеттик университетинин, Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин, Талас мамлекеттик университетинин, Нарын мамлекеттик университетинин, Бишкек мамлекеттик университеттин окумуштуулары жана аспиранттары, магистранттары катышты. (https://www.facebook.com/share/p/16i6V4PZ1n/).

2025-жылдын 24-апрелинде ОшТУнун Дүйнөлүк тилдер кафедрасынын окутуучулары – Б.А.Жанибекова, Ч.А.Зикирова жана Н.Чыңгызбек кызы Андижан айыл чарба жана агротехнологиялары институтунда өткөн суу жана жер күнүнө карата конференцияга катышышты. (https://www.facebook.com/share/p/1YZzfmPb56/).

2025-жылдын 27-29-апрель күндөрү Өзбекстан Республикасынын Ташкент шаарындагы Камолиддин Бехзод атындагы Искусство жана дизайн улуттук институтунунда өткөн «Долбоорлоо, билим берүү жана өндүрүштөгү интеграциялоонун көйгөйлөрү жана чечимдери» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда ОшТУнун Архитектура жана курулуш институтунун директору, техника илимдеринин кандидаты, профессор Шабданов Муса Добулович, АДжГ кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу Алишов Айбек Адилбекович жана ага окутуучусунун милдетин аткаруучу Турдуев Мамашарип Мурзабаевич илимий баяндама жасашты. Ошондой эле, иш сапардын алкагында окуу жайлардын билим берүү, илим жана чыгармачылык

тармактарында өнөктөштүгүн бекемдөөгө багытталган эки тараптуу кызматташуу тууралуу меморандумга кол коюлду. (https://www.facebook.com/share/p/1QrzP8GKhT/)

ОшТУнун сырткы байланыштар жана өнүктүрүү боюнча проректору, ф.и.д. А.Т.Акматалиев жетектеген делегация 2025-жылдын 5-майында Ташкент колдонмо илимдер университетинде билим берүү тармагын өнүктүрүүдө илимий изилдөөлөрдү биргеликте ишке ашыруу жана инновациялык долбоорлор боюнча идеяларды жана алдыңкы тажрыйбаларды алмашуу максатында өткөрүлгөн, 15тен ашык өлкөдөн 30дан ашык чет өлкөлүк профессорлор, изилдөөчүлөр, практиктер жана педагогдор, жалпысынан 200дөн ашык эксперттер катышкан, ОшТУ өнөктөш болгон "Заманбап билим берүү системасын өнүктүрүүгө комплекстүү мамиле: көйгөйлөр, чечүү жолдору жана келечеги" аттуу эл аралык конференцияга катышып, илимий баяндамаларын жасашты. Иш сапардын алкагында Ташкент жана Бухара шаарларындагы бир канча университеттер менен кызматташуу багыттары тууралуу макулдашылды. (https://www.facebook.com/share/p/18vEMRZGbN/).

2025-жылдын 5–6-май күндөрү ОшТУнун Экономика жана башкаруу институтунун Экономика жана каржы кафедрасынын профессор-окутуучулары: экономика илимдеринин кандидаты, профессор Баймуратов А.А., ага окутуучу Дыйканова Г.А., ага окутуучу Жусупова Г.Д., окутуучу Пазылова А.С. Ташкент архитектура-курулуш университетинде өткөн «Архитектура, инженерия, билим берүү жана айлана-чөйрөнү коргоодо инновациялык технологиялар» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышып келишти. (https://www.facebook.com/share/p/1CFfQMLsnV/).

ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору У.Ж.Мамытов жана илим жана инновация боюнча проректору Н.Т. Танаков 2025-жылдын 12-13 май күндөрү Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автоном районунун борбору Үрүмчү шаарында өткөн Кытай-Борбор Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы кызматташтык боюнча өндүрүш, билим берүү, илимий изилдөөлөр жана санариптик интеллектти колдонуу менен кесиптик билим берүү тармагындагы интеграция жана инновация маселелерине арналган конференцияга катышып, кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү, эл аралык тажрыйбаларды бөлүшүү жана университеттер аралык кызматташууну чыңдоо боюнча маанилүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүштү. (https://www.facebook.com/share/p/195n1LST53/), (https://www.facebook.com/share/p/1YmiDLDGCY/).

2025-жылдын 14-17-май күндөрү ОшТУнун Пайдалуу кендердин геологиясы кафедрасынын окутуучулары Калдыбаев Н.А. жана Исаков Д.Т. Москва шаарындагы С.Орджоникидзе атындагы Россия мамлекеттик геологиялык чалгындоо университетинде (РГГРУ – МГРИ) өткөн VII - Эл аралык геологиялык-геофизикалык "ГеоЕвразия - 2025" конференциясына катышып келишти. (https://www.facebook.com/share/p/16Xi8RCAtY/).

2025-жылдын 16-майында Кытай - Борбор Азия мамлекеттеринин кызматташтыгы боюнча конференциянын алкагында "Интеграция жана инновация" темасындагы тематикалык семинар болуп өттү. Иш-чарага ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору Улукбек Мамытов жетектеген делегациясы катышып, санариптик интеллектти колдонуу менен кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү боюнча маселелер талкууланды. Семинардын алкагында Бинтуан Синсинь кесиптик-техникалык колледжинин директорунун катышуусу менен "Ясинь" өнөрканасынын (кытай тили + көндүмдөр) ачылыш аземи болуп өттү. Белгилей кетүүчү жагдай, буга чейин Бинтуан Синсинь кесиптик-техникалык колледжинен ОшТУнун Энергетика жана транспорт институтуна 2 500 000 сомдук заманбап электр жабдуулары белек катары тапшырылган. (https://www.facebook.com/share/p/15XkEdY4dZ/)

**Эл аралык делегациялар**

2024-жылдын 14-октябрында ОшТУга Түштүк Кореялык Weatherpia Co., Ltd компаниясынын башкы директору Лим Санг Вук, башкы менеджери Канг Сео-ёнг, башкы

менеджердин орун басары Кён Хунмо, изилдөөчүлөр - Бек Йе Рим, Ким Хён Соль келген. https://www.facebook.com/share/p/1G4Gyxw2BJ/

2024-жылдын 30-октябрында ОшТУга Корея элчиси жетектеген делегация келди. https://www.facebook.com/share/p/1RaVcG6LUd/

2024-жылдын 20-ноябрында ОшТУга Өзбекстан Республикасынын Термез мамлекеттик инженердик жана айыл чарба технологиялар университетинин делегациясы иш сапары менен келишти. Жолугушууда эки тараптуу кызматташтыкты арттыруу, академиялык мобилдүүлүктү профессордук-окутуучулук курам менен бирге студенттерге дагы күчөтүү, окуу жайлар аралык илимпоздор менен биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча маселелер талкууланды. https://oshtu.kg/kg/2024/11/20/%d3%a9zbekstandan-kelgen-delegacziya-oshtuda/.

Австриянын Зальцбург университетинин профессору Шахнаваз жана И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин эл аралык мемилелер боюнча проректору, профессор Чымыров Акылбек Уркалыевич 2024-жылдын 13-декабрында ОшТУга иш сапар менени келип, Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо кафедрасынын жамааты менен жолугуп, эки тараптуу кызматташуу, эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу ж.б. маселелерди талкуулашты. (https://oshtu.kg/kg/2024/12/13/zalczburg-universitetinin-zhana-kmtunun-professorloru-oshtuda/).

2024-жылдын 23-декабрында ОшТУга Фергана политехникалык институтунун делегациясы иш сапары менен келип, окуу жайдын материалдык-техникалык базасы жана бүгүнкү күндөгү ишмердүүлүгү менен таанышып чыгышты.

Эки окуу жайдын окутуучуларынын ортосунда стол тенниси жана волейбол боюнча эл аралык достук мелдеши болуп өттү. Бул мелдеш эки мамлекеттин ортосундагы ынтымактыкты чыңдоо, жаштарды дени сак жашоого чакыруу жана коңшу мамлекеттер менен достук мамиледе болуу максатында уюштурулду. (https://oshtu.kg/kg/2024/12/23/oshtu-menen-fergana-politehnikalyk-institutunun-ortosunda-el-aralyk-dostuk-meldeshi-boldu/)

2025-жылдын 11-февралында И.Каримов атындагы Ташкент мамлекеттик техникалык университетинин илимий иштер боюнча проректору Донаев Сардор Бурханович баштаган профессордук-окутуучулук курам ОшТУга атайын иш сапар менен келишти. https://www.facebook.com/share/p/1JMHKgfVby/

Навои мамлекеттик тоо-кен иштери жана технологиялар университетинин профессордук-окутуучулук курамы квалификациясын жогорулатуу максатында 2025-жылдын 12-февралында ОшТУга атайын иш сапар менен келип, окуу жайдын окутуучулары менен биргеликте студенттерге лекцияларын, өндүрүштүк жана окуу практикаларын өткөрдү. https://www.facebook.com/share/p/16kmjRai2W/

2025-жылдын 7-мартында ОшТУга Кытай Эл Республикасынын Сиань архитектуралык-технологиялык университетинин профессору Ли Чжихуа жетектеген делегациясы окуу жайлар аралык түзүлгөн келишимдин негизинде расмий иш сапар менен келишти. Жолугушууда эки тараптуу кызматташтыкты арттыруу жана “Бир алкак — бир жол” эл аралык долбоорунун алкагында “Жашыл имарат” темасы боюнча биргелешкен лаборатория түзүү боюнча маселелер талкууланды. (https://www.facebook.com/share/p/15pJUiU7Dk/).

2025-жылдын 2-апрелинде эки тараптуу эл аралык кызматташуу келишимдердин алкагында Өзбекстан Республикасындагы Андижан мамлекеттик техникалык университети менен Андижан экономика жана педагогика университетинин окутуучулары ОшТУга келишти.

2025-жылдын 14-апрелинде Ташкент гуманитардык илимдер университетинин ректору, профессор Сабуров Жуманазар Салиевич баштаган делегация Ош технологиялык университетине расмий иш сапары менен келип, ОшТУнун ректору Ж. Ж. Турсунбаевдин кабыл алуусунда болушуп, эки тараптуу кызматташуу, тактап айтканда бухгалтердик эсеп,

менеджмент, компьютердик инженерия, логистика, эл аралык мамилелер, экономика багыттары боюнча биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча сүйлөшүүлөр жүрдү. (https://www.facebook.com/share/p/1G37srrPjd/)

2025-жылдын 16-апрелинде ОшТУга Кытай Эл Республикасынын Өнөр жай жана маалыматтык технологиялар министрлигине караштуу Харбин инженердик университетинин Дин Син жетектеген делегациясы расмий иш сапар менен келип, ОшТУнун ректору, профессор Жанболот Турсунбаев жана университеттин жетекчилиги менен эки тараптуу кеңейтилген форматта жолугушуусу болуп өттү. Жолугушуу иш-чарасында жасалма интеллект, материал таануу, машина куруу, жер титирөөгө каршы инженерия, ядролук энергетика, радио байланыш жана навигация боюнча эл аралык илимий долбоорлорду бирге ишке ашыруу жана кызматташуу, окутуучулар менен студенттердин академиялык алмашууну жүргүзүү, биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча пикир алышып, эки тарап алдын ала бир консенсуска жетишип, бул иштерди баштоо үчүн кызматташуу келишимине кол коюуга макулдашышты. (https://www.facebook.com/share/p/18rxjnyekf/, https://www.facebook.com/share/p/1Fba4kVdKa/).

2025-жылдын 17-апрелинде ОшТУнун Экономика жана башкаруу институтунун Бизнести башкаруу жана социалдык иш кафедрасынын демилгеси менен “Португалиялык менталитет, анын дүйнөлүк жана европалык туруктуу бизнеске кошкон салымы” деген темада Лиссабон университетинин профессору Жорже Филипе да Силва Гомеш семинар өттү. https://www.facebook.com/share/p/1CJKcaziw8/

2025-жылдын 30-апрелинде ОшТУга Наманган мамлекеттик техникалык университетинен ф.-м.и.к., профессор М. Олимов жетектеген делегация келди. Делегацияны ОшТУнун ректору, профессор Жанболот Турсунбаев расмий түрдө кабыл алды. Жолугушуунун жүрүшүндө эки окуу жай ортосундагы билим берүү, илим жана академиялык мобилдүүлүк жаатындагы кызматташтыкты тереңдетүү маселелери талкууланды. Өзгөчө басым маалыматтык технологиялар тармагындагы байланыштарды бекемдөөгө жасалды. (https://www.facebook.com/share/p/12KwxBVLwxf/)

## ОшТУдагы эл аралык конок лециялар

2024-жылдын 13-декабрында Австриянын Зальцбург университетинин профессору Шахнаваз жана И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин эл аралык мемилелер боюнча проректору, профессор Чымыров Акылбек Уркалыевич ОшТУнун Эсептөө техникасы жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо кафедрасынын студенттери жана магистранттарына конок лекция өтүштү. https://oshtu.kg/kg/2024/12/13/zalczburg-universitetinin-zhana-kmtunun-professorloru-oshtuda/Өзбекстандын Навои тоо-кен иштери жана технологиялар университетинин химиялык металлургия факультетинин деканы, т.и.д., профессор Даniяров Нодиржон Абдихакимович 2025-жылдын 20-февралында ОшТУнун технология жана жаратылышты пайдалануу институтунун геология багытында окуган студенттерине лекция окуду. https://www.facebook.com/share/p/1LjbD8VWEr/

2025-жылдын 2-апрелинде ОшТУнун Индустриалдык-педагогикалык институтунун Кесипке билим берүүнүн технологиясы кафедрасынын студенттерине Өзбекстан Республикасындагы Андижан экономика жана педагогика университетинин филология факультетинин деканы Сирожиддинова Ирода Махаммадовна “Психологиядагы жаңы тенденциялар” аттуу темада конок лекция окуду.(https://www.facebook.com/share/p/1EoEVWP4NG/).

Эки тараптуу эл аралык кызматташуу келишимдердин алкагында 2025-жылдын 3-апрелинде Андижан мамлекеттик техникалык университетинин Жалпы техникалык дисциплиналар кафедрасынын 5 адамдан турган профессордук-окутуучу курамы ОшТУнун Архитектура жана курулуш институтунун курулуш багытында билим алып жаткан

студенттерине теоретикалык механика жана материалдардын каршылыгы сабактарынан лекция окушту. (https://www.facebook.com/share/p/16QoqkhKbz/).

Эразмус+ долбоорунун алкагында ОшТУнун Экономика жана башкаруу институтунун Бизнести башкаруу жана социалдык иш кафедрасы тарабынан ишке ашырылып жаткан долбоордун алкагында Түркиядагы Кастамону университетинин экономика жана административдик илимдер факультетинин деканы, экономика илимдеринин доктору, профессор Орхан Кандемир 2025-жылдын апрель айында ОшТУнун экономика жана башкаруу институтунун окутуучуларына жана студенттерине бир жума сабак өттү. (https://www.facebook.com/share/p/1AZPbcLGvW/, https://www.facebook.com/share/p/19Jn6Zpdx4/).

**ОшТУ катышкан жергиликтүү иш чаралар**

2025-жылдын 4-мартында ОшТУда “Сежоң Хагдан” корей борбору 2025-жылдын жазгы семестрине студенттерди, окуучуларды кабыл алып, жазгы семестрдин ачылыш аземи өткөрүлдү. Аталган курска Ош шаарынын мектептеринен жана жогорку окуу жайларынан жалпысынан 190 студент жана окуучу катталып, анын ичинен 75 студент корей тил курсуна кабыл алынды. https://www.facebook.com/share/p/1AaifBiBwQ/

2025-жылдын 21-март күнү Ош шаарында өткөн КР Президенти Садыр Жапаров, шаар тургундары жана коноктору катышкан Нооруз майрамына ОшТУнун ректору Ж.Ж. Турсунбаев баштаган жамаат активдүү катышты. Салтанатта ОшТУнун Корей жана Кытай борборлору корей жана кытай элдеринин маданиятын, кол өнөрчүлүгүн, бийлерин ж.б. чагылдырышты. https://www.facebook.com/share/v/19Ck2QcyW9/

2025-жылдын 26-мартында ОшТУнун ректору профессор Ж.Ж. Турсунбаев Бишкек шаарындагы Корея Республикасынын билим берүү борборунун директору Джо Чану мырзаны кабыл алып, эки тараптуу кызматташуунун келечегин талкуулашты. Өз сөзүндө Джо мырза Корея өлкөсүнө барып окуп жаткан Кыргызстандык студенттердин басымдуу бөлүгү ОшТУнун Корей тил борбору аркылуу кетип жатканын баса белгилеп, 2025-2026-окуу жылында атайын уюштурула турган конкурстар тууралуу талкуу болду. https://www.facebook.com/share/p/1aiaH6oy6P/

2025-жылдын 22-апрелинде ОшТУнун ректору, профессор Ж.Ж.Турсунбаев ОшТУда тажрыйба алмашып окуп жаткан Өзбекстан Республикасынын Навои тоо кен иштери жана технологиялык университетинин экономика жана логистика багытынын студенттери менен жолугуп, алдыдагы максаттар тууурасында баарлашты жана билимге ынтызар прогрессивдүү студенттердин окууларына ийгилик каалады. Аталган окуу жайдын студенттери да инновациялык идеялары жана максаттары жөнүндө жетекчилик менен ой бөлүштү. (https://www.facebook.com/share/p/19m5zU26Py/).

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунун Түштүк региону боюнча бөлүмү, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустардагы өкүлчүлүгү жана ОшТУнун эл аралык бөлүмүнүн демилгеси менен 2025-жылдын 3-июнунда ОшТУнун бүтүрүүчүлөрү жана студенттери үчүн Россия Федерациясында, Америка Кошмо Штаттарында жана жакынкы чет өлкөлөрдө болуу эрежелериндеги өзгөрүүлөр жана коопсуз миграция, миграциялык мыйзамдар туурасында жолугушуу өттү. (**https://www.facebook.com/share/p/15mWhgKVkt/).**

**Ош технологиялык университетиндеги долбоорлор менен иштөө**

*Германиянын Эл аралык кызматташтык коомунун* (GIZ) *долбоору боюнча*

2024-2025-жылдын башында ОшТУда Германиянын Эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) жарыяланган долбоорлорунун алкагында "Борбордук Азиядагы экономикалык өсүш секторлору үчүн кесиптик билим берүү", “Иш менен камсыз кылууга

жана кесиптик окутууга көмөктөшүү"  долбоорлору боюнча 3 долбоору ийгиликтүү ишке ашырылып, 1 долбоору башталды. Алар:

1. Долбоордун түпкү максаты 580600 "Логистика" багыты, "Тамак-аш логистикасы" профили үчүн бакалавриат кооперативдик программасын жана академиялык календарды түзүү болуп саналат. Бул долбоорду ОшТУнун атынан координатору болуп профессор А.К.Атабеков аткарды.

2. ОшТУ Германиянын Эл аралык кызматташтык коому (GIZ) жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү долбоорунун алкагында мекенге кайтып келген мигранттарды жана жумушсуз жарандарды өзүнүн ишин ачуу аркылуу иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү программасынын пилоттук этабын ишке ашырууга катышты. Долбоорду ишке ашыруу үчүн Экономика жана башкаруу факультетинин 9 окутуучусу DevCIT Acceleration окуу борборунан тренерлер үчүн тренингден өтүштү. Окутуучулар пилоттук этапта Ноокат районунда катталган жумушсуздар жана мигранттар үчүн "Башталгыч ишкерлер үчүн окутуу курсун" өткөрүшүп, угуучулар бизнес-идеяларын бизнес-долбоор түрүндө даярдашты. Окутууну тажрыйбалуу тренерлер - э.и.к., доцент А.М.Хамзаева, э.и.к., доцент М.Т.Зикираев, э.и.к., доцент К.Т.Самиева, э.и.к. Парпиева Ф.С. ж.б. тарабынан өткөрүлдү. ОшТУнун демилгеси менен аталган долбоор Ноокат, Араван, Өзгөн жана Кара-Кулжа райондорунда ишке ашырылды. Долбоор 2025-жылдын ноябрь айында жыйынтыкталды.

3. *Долбоордун аталышы*: «Кайра жаралуучу энергия булактарынын негизинде суу көтөрүүчү насосту иштеп чыгуу жана аларды кайрак жерлерди сугаруу үчүн тамак-аш өнөр жайында пайдалануу». Жалпы суммасы: 692 954 сом. Долбоор ОшТУнун атынан аткарылат. Долбоордун жетекчиси - профессор Жоробеков Болотбек Астаевич. Долбоордун негизги максаты: Кургак жерлерди сугаруу жана экологиялык жактан таза тамак-аш азыктарын алуу үчүн энергиянын кайра жаралуучу булактарынын негизинде суу көтөрүүчү насосту иштеп чыгуу. Долбоор 2025-жылдын октябрь айында жыйынтыкталды.

4. *Долбоордун аталышы*: Түштүк Кыргызстандын шартында күрүчтү жыйнагандан кийин кайра иштетүүнүн жаңы технологиясын иштеп чыгуу жана практикада колдонуу" деп аталат жана жалпы суммасы - 1 млн. 379 780 сомду түзүп, долбоор ОшТУнун атынан аткарылат. Долбоордун жетекчиси профессор Эльтар Абламетович Смаилов. Долбоор 2025-жылдын октябрь айында жыйынтыкталды.

Долбоордун негизги максаты болуп азык-түлүк коопсуздугу алдын-алуу жана Кыргызстанда өндүрүлгөн айыл чарба өсүмдүктөрүн даңазалоо болуп саналат. Долбоордун жыйынтыгында күрүчтүн сапатын жогурулатып, Кыргызстандын өсүмдүгүн бренд катары экспортко чыгаруу болуп саналат.

5. *Долбоордун аталышы*: "Айыл жана токой чарба азык-түлүктөрүн кургатуу үчүн радиациялык-конвекциялык күн кургатуу системасын иштеп чыгуу" деп аталат. Долбоордун негизги максаты - экологиялык жактан таза продукция алуу үчүн жаңыланып туруучу энергия булактарынын негизинде кургатылуучу түзүлүштү иштеп чыгуу болуп саналат. Жалпы суммасы: 1 млн. 147 миң сом. Долбоор ОшТУнун атынан аткарылат. Долбоордун жетекчиси - доцент Алдашева Нуржамал Тунаевна.

*"Erasmus+" программасы боюнча*

"Erasmus+" программасы билим берүү, окутуу, жаштар жана спорт тармагындагы кызматташтыкты колдоочу Евробиримдигинин программасы. Башка өлкөлөрдө окууга, стажировкадан өтүүгө жана окутууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, билим берүү тармагындагы кызматташуу долбоорлорун каржылайт. Бул программа университеттин студенттери жана кызматкерлери тарабынан өзгөчө популярдуу болуп, аларга көз карашын кеңейтүүгө, тил билгичтиктерин өркүндөтүүгө жана эл аралык чөйрөдө тажрыйба алууга мүмкүнчүлүк

берет. Бул долбоор боюнча 2024-2025-жылы “Erasmus+” долбоору тарабынан жарыяланган сынактарга профессор Ж.А.Кедейбаева жетектеген долбоор ишке ашырылды.

Андан сырткары “Erasmus+” долбоору боюнча 2024-2025-жылы профессор Б.А.Жоробеков, профессор У.Т.Аттокуров, профессор А.Т.Акматалиев, доцент М.А.Арзыбаева жана Ш.Нармирзаева тарабынан үч долбоор түзүлүп Евробиримдикке тапшырылды. Жыйынтыгы июль айында чыгат.

“Erasmus+” долбоору менен активдүү иштөө мындан нары да күчөтүү максатында өнөктөштөр менен иштерди жандандырып жатабыз.

*Eurasia-Pacific Uninet уюмунун долбоору боюнча*

ОшТУда 2025-жылдан баштап Евразия-Тынч океан университеттер тармагы (UNINET) каржылаган долбоор иштей баштады. Долбоордун аталышы “Европа жана Борбордук Азия жогорку окуу жайларында туруктуу өнүгүү максаттарын талдоонун заманбап ыкмалары” деп аталып, долбоордун бюджети 20 миң еврону түзөт. Долбоордун алкагында Европанын жогорку окуу жайларында жашыл экономика, жашыл энергетика жана инновациялык технологиялар жаатында аткарылган изилдөөлөр боюнча тажрыйба алмашып, алдыңкы тажрыйбаларды Борбордук Азиядагы Eurasia-Pacific Uninet уюмуна мүчө университеттерге жайылтуу болуп саналат. Долбоордун ОшТУдан координатору – доцент А.М.Хамзаева. Бул долбоорду 2026-жылы студенттерди тартуу менен улантса болот, ушул багытта да иштерди активдештиребиз.

Eurasia-Pacific Uninet — австриялык университеттерди жана илимий мекемелерди Борбордук, Чыгыш Азия жана Тынч океан аймагындагы өнөктөштөр менен байланыштырган эл аралык тармак. ЕПУнун негизги максаты - Австрия менен Азиядагы билим берүү мекемелеринин ортосундагы илимий алмашууну, изилдөөлөрдү жана байланыштарды өнүктүрүү. EPU Австриянын федералдык илим, изилдөө жана экономика министрлиги жана билим берүү органдары тарабынан каржыланат.

*"CS-GBV Central Asia" долбоору боюнча*

ACTED уюму тарабынан Борбор Азияда жарандык коомчулуктун ролун күчөтүүгө, коомдо гендердик зомбулукту жоюуга жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн коргоого жана кеңейтүүгө көмөктөшүү максатында Кыргызстанда, Тажикстанда жана Өзбекстанда ишке ашырылып жаткан "CS-GBV Central Asia" долбоорунун алкагында бизнес пландаштырууу боюнча тренингдер өткөрүлдү.

Тренингдер Баткен, Жалал-Абад жана Чүй облустарында өткөрүлүп, андан ары окуудан өткөн аялдарга насаатчылык (менторство) этабы менен ишке ашырылды. Долбоордун кординаторулору - доцент Хамзаева А.М., доцент Самиева К.Т. Бул долбоор 2024-жылдын ноябрь айында жыйынтыкталды.

*"Корея-Борбор Азия AI конвергенциясын изилдөө борбору" долбоору боюнча*

2025-жылы Ж.Ж.Турсунбаев, А.Т.Акматалиев жана М.А.Арзыбаева Корея Республикасы тарабынан жарыяланган ири долбоорго Борбордук Азия жана Монголиядагы өнөктөш жогорку окуу жайлар менен биргеликте долбоор түзүп катыштык. Долбоордун аталышы "Корея - Борбор Азия AI конвергенциясын изилдөө борбору" деп аталат. Бул долбоордун максаты:

•Корея-Борбордук Азия AI Конвергенциясын Изилдөө Борборун AI менен байланышкан илим жана технология боюнча алдыңкы кызматташтык үчүн аймактык хаб катары түзүү.

• алдыңкы изилдөөчүлөр менен алмашууга көмөктөшүү, биргелешкен академиялык конференцияларды өткөрүү жана Борбордук Азия өлкөлөрү менен туруктуу эл аралык кызматташтык тармагын түзүү.

•Илим жана технологиялык кызматташтык боюнча эки тараптуу макулдашууларды колдоо менен Монголияны жана кеңири Борбор Азияны камтыган глобалдуу кызматташтык базасын түзүү.

Долбоордун негизги милдеттери:

1. Илимий борборду түзүү жана иштетүү

•Башкы Тергөөчү (ПИ) Борбордун директору болуп кызмат кылат жана физикалык мейкиндикти камсыз кылуу, кызматкерлерди жалдоо жана долбоордун бардык аспектилерин башкаруу үчүн жооптуу болот.

• Кеңсе жана жолугушуу жайлар сыяктуу адекваттуу инфраструктураны камсыз кылуу жана тиешелүү мекемелер менен кызматташуу системаларын түзүү.

2.AI таланттарды табуу жана алмашуу

•Борбордук Азия университеттери менен Корея университеттеринин ортосунда чет өлкөдө билим алуунун дал келишине көмөктөшүү.

• Корей окуу жайларына таланттуу студенттерди тартуу үчүн жергиликтүү стипендиялык программаларды (мисалы, Казакстандын «Болашак», Өзбекстандын “Умид”) пайдалануу.

•Таланттын муктаждыктарын табуу жана университеттер жана илимий институттар менен болгон өнөктөштүктүн негизинде жалдоону кеңейтүү үчүн жарнамалык иш-чараларды өткөрүңүз.

3. AI тармагын куруу жана технология картасы

•Борбордук Азиядагы кореялык технологиялардын өнүгүшүнө колдоо көрсөтүү үчүн жергиликтүү AI жана өнөр жай технологияларынын тенденцияларын изилдөө.

•Жергиликтүү университеттер, илимий лабораториялар жана өнөр жай менен чек ара тармагын куруу жана колдоо.

4.Интеграцияланган долбоорлорду жана изилдөөлөрдү башкаруу

• Жылдык натыйжалуулукту баалоо менен шайкеш келтирилген деталдуу изилдөө жана ишке ашыруунун жол картасын түзүү.

• Ачык бюджеттөөнү, ресурстарды бөлүштүрүүнү жана долбоордук документтерди камсыз кылуу.

• Иштин натыйжаларынын негизинде үзгүлтүксүз колдоону камсыз кылуу.

5. Жыйынтыктарды жайылтуу жана стратегиялык өсүш

•Изилдөө натыйжаларын жайылтуу үчүн орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү жол картасын иштеп чыгуу (мисалы, басылмалар, эл аралык симпозиумдар, AI технологияларын өткөрүп берүү).

•Кооперативдик программалар жана глобалдык аутрич аркылуу борбордун эл аралык көрүнүүсүн жогорулатуу.

**Борборлордун ишмердүүлүгү**

Ош технологиялык университетинде тил үйрөтүүчү борборлор түзүлүп иш алып барышат. Алар Корея борбору, Америка маалымат-ресурстук борбору, Кытай борбору жана Орус тили жана славян маданияты борбору. Бул борборлордо Түштүк Кореядан, Кытайдан жана Америка Кошмо Штатынан келген окутуучулар жана ыктыярчылар тил үйрөтүшөт.

## 4. ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ 2024-ЖЫЛДАГЫ КАРЖЫЛЫК, ЧАРБАЛЫК, КУРУЛУШ ИШТЕРИНИН ЖЫЙЫНТЫГЫ, БЫЙЫЛКЫ ЖЫЛДАГЫ БАШКЫ БАГЫТТАРЫ, ОКУУ-МАТЕРИАЛДЫК БАЗАНЫ ЖАКШЫРТУУ ТУУРАЛУУ

Ош технологиялык университетинин 2024-жылдагы каржы-экономикалык иш-аракеттери, чарбалык ишмердүүлүгү жана университеттин окуу-материалдык базасын жакшыртуу тууралуу ишмердүүлүктөр Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына, укуктук-нормативдик ченемдик актыларга, университеттин ички ченемдик актыларына таянып таянып жүргүзүлдү.

1. Атайын каражаттар

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген атайын каражаттардын сметасында факт түрүндө эмгек акы, социалдык фондго которуу, күнүмдүк иштеги оңдоо-түзөтүү иштери, коммуналдык, транспорттук, материалдык базаны чыңдоо үчүн ж.б кошумча чыгашалардын аткарылышы көрсөтүлгөн.

2025-жылдын 1-январына карата атайын каражаттардын сметасынын факт түрүндө аткарылышы

1-таблица

| № | Көрсөткүчтүн аталышы | Факт түрүндө аткарылды |
|---|---|---|
| | Жыл башындагы калдык: | 370 849 541 |
| | Республикалык бюджетке которуу | 0 |
| | Башка бюджеттик которуулар | 2 629 220 |
| | I. КИРЕШЕЛЕР: | |
| | Жыл ичиндеги түшкөнү, бардыгы анын ичинде: | 362 822 775 |
| 1 | Окуу үчүн | 347 492 215 |
| 2 | Документ кабыл алуудан түшкөн киреше | 1 249 410 |
| 3 | Жатаканадан түшкөн киреше | 6 790 068 |
| 4 | Диплом жана академиялык справка берүүдөн түшкөн киреше | 178 032 |
| 5 | Тамак-аш түйүндөрүн ж.б. ижарага берүүдөн, антенна, терминал кызматынан түшкөн кирешелер | 303 105 |
| 6 | Экзамен, зачетторду кайра тапшыруудан жана ж.б. кошумча кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелер | 4 502 185 |
| 7 | Студенттерди которуу жана тикелоо түшкөн кирешелер | 119 680 |
| 9 | Сырттан келген гранттар | 2 188 080 |
| | **Бардык кирешелер:** | 362 822 775 |
| | **II. ЧЫГАШАЛАР:** | |
| 1 | Эмгек акы | 344 181 328 |
| 2 | Социалдык фондго чегерилгени. | 59 549 175 |
| 3 | Кызматтык иш сапар чыгымдары | 4 151 846 |
| 4 | Байланыш кызматы (абоненттик төлөм, шаар аралык байланыш, интернет кызматы) | 1 334 834 |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Ижарага алууга кеткен чыгым | 0 |
| 6 | Унааларды тейлөө кызматы (ГСМ, тетиктер үчүн) | 688 400 |
| 7 | Имараттарды жана жайларды тейлөөдө санитардык көрсөтүү үчүн төлөм | 587 351 |
| 8 | Мамлекеттик кызматкерлерди окутууга кеткен чыгымдар | 103 426 |
| 9 | Диплом, лицензия ж.б. бланктарды жана медалдарды даярдоого кеткен чыгымдар | 720 379 |
| 10 | Маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды көрсөтүү үчүн төлөм | 444 240 |
| 13 | Башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн | 5 181 090 |
| 14 | Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар | 25 866 774 |
| 15 | Чарба жумуштары үчүн буюмдарды, канцеляриялык товарларды ж.б. жана чарбалык максаттар үчүн сатып алуу | 15 796 602 |
| 16 | Коопсуздук кызматтарын сатып алуу | 573 889 |
| 17 | Суу жана канализация кызматы | 676 199 |
| 18 | Электр энергиясы | 3 123 765 |
| 19 | Жылуулук энергиясы | 2 961 840 |
| | Керектөөлөр кеткен чыгашалар: | 465 941 138 |
| | Имараттар жана курулуштар | |
| | Имараттарды капиталдык ремонттон өткөрүү | 15 595 280 |
| | Машиналар жана жабдуулар анын ичинен: | 20 887 315 |
| 1 | Эмеректерди сатып алуулар | 2 455 860 |
| 2 | Офистик мебел сатып алуу ж.б. | 2 972 435 |
| 3 | Компьютердик жабдуулар | 10 038 520 |
| 4 | Окуу китептерин сатып алуу | 0 |
| 5 | Башка эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу | 5 420 500 |
| | Каржылык эмес чыгашалар: | 36 482 595 |
| | ЖАЛПЫ ЧЫГАША: | 502 423 733 |
| | Жыл аягындагы калдык: | 228 619 363 |

ОшТУнун атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы төмөнкү көрсөткүчтөрдө аткарылды.

Ал эми 2024-жылы пландаштырылган кирешенин көлөмү 372 млн. 628 миң 700 сом болсо, факт түрүндө келип түшкөнү –362 млн. 822 миң 775 сомду түздү.

2024-жылы керектөөлөргө кеткен чыгашалар жана каржылык эмес чыгашалар жалпысы 502 млн. 423 миң 733 сомду түзгөн.

ОшТУнун жыл аягындагы атайын каражаттардын калдыгы 228 млн. 619 миң 363 сомду түзөт.

2024-жылга карата бюджеттик каражаттардын
сметасынын аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген бюджеттик төлөмдөрдүн сметасы 40 млн. 903 миң 300 сомду түзгөн. Бул сметалык каражаттардан 2024-жылына карата факт түрүндө 34 млн. 447 миң 352 сом жумшалган.

ОшТУнун 2024-жылында бюджеттик каражаттардын сметасынын аткарылышы
(бюджеттик каражат)

2-таблица

| № | Көрсөткүчтүн аталышы | Сметада каралганы | Аткарылышы |
|---|---|---|---|
| 1 | Бюджеттик каржылоо | 40 903 300 | 34 447 352 |
| | Анын ичинен: | | |
| 2 | Эмгек акы | 27 181 600 | 26 546 076 |
| 3 | Социалдык фондго | 5 465 100 | 4 662 500 |
| 4 | Байланыш кызматы (абоненттик төлөм, шаар аралык байланыш, интернет кызматы) | 130 000 | 0 |
| 5 | Кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 1 214 400 | 0 |
| 6 | Чарба жумуштары үчүн буюмдарды, канцеляриялык товарларды ж.б. жана чарбалык максаттар үчүн сатып алуу | 1 000 000 | 0 |
| 7 | Стипендия | 3 320 900 | 1 782 176 |
| 8 | Тамак-аш (тоголок жетимдерге) | 91 300 | 36 600 |
| 9 | Коммуналдык төлөөлөр | 2 500 000 | 1 420 000 |
| | Баары: | 40 903 300 | 34 447 352 |

ОшТУнун 2024-жылына карата илим изилдөө темаларына бөлүнгөн бюджеттик акча каражаттын аткарылышы

3-таблица

| № | Көрсөткүчтүн аталышы | Сметада каралганы | Аткарылышы |
|---|---|---|---|
| 1 | Эмгек акы | 6 325 353 | 6 325 353 |
| 2 | Социалдык фондго | 141 028 | 141 028 |
| 3 | Башка классификацияланбаган чыгашалар | 1 688 019 | 312 480 |
| | | 8 154 400 | 6 778 861 |

ОшТУнун 2024-жылдагы финансылык
ишмердүүлүгүнүн абалы

2024-календардык жылдагы бухгалтериянын жылдык отчетунун жыйынтыгы боюнча ОшТУнун балансында төмөнкү каражаттар бар: негизги каражаттар - 331 млн. 022 миң 519 сом,

анын ичинен:

- имараттар - 172 млн. 670 миң 420 сом,
- транспорт каражаттары - 2 млн. 476 миң 405 сом,
- эмеректер - 32 млн. 311 миң 474 сом,
- офистик жабдыктар - 12 млн. 150 миң 441 сом,
- компьютердик жабдыктар - 63 млн. 137 миң 399 сом,
- инструменттер - 1 млн. 80 миң 528 сом,
- китепкана фонду - 13 млн. 147 миң 366 сом,
- башка инвентарь жана жабдыктары - 34 млн. 48 миң 486 сом.

ОшТУнун негизги каражаттары 2025-жылдын
1-январына карата (атайын каражат)

4-таблица

| № | Аталышы | Баасы |
|---|---|---|
| 1 | Имараттар | 172 670 420 |
| 2 | Транспорт каражаттары | 2 476 405 |
| 3 | Эмеректер | 32 311 474 |
| 4 | Офистик жабдыктар | 12 150 441 |
| 5 | Компьютердик жабдыктар | 63 137 399 |
| 6 | Инструменттер | 1 080 528 |
| 7 | Китепкана фонду | 13 147 366 |
| 8 | Башка инвентарь жана жабдыктар | 34 048 486 |
| | Баары: | 331 022 519 |

ОшТУнун негизги каражаттары 2025-жылдын

1-январына карата (бюджеттик каражаттар)

5-таблица

| № | Аталышы | Баасы |
|---|---|---|
| 1 | №2 - окуу корпусу | 1 108 011 |
| 2 | №3 - окуу корпусу | 1 397 504 |
| 3 | Студенттик жатакана | 4 438 083 |
| | Баары | 6 943 598 |

ОшТУнун негизги каражаттарынын 2024-жыл
ичинде айланышы

6-таблица

| № | Материалдык каражаттардын аталышы | Жыл башындагы калдыктар (сом) | Каражат-тардын айланышы | Жыл аягындагы калдыктар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Имараттар | 151 633 326 | 21 037 094 | 172 670 420 |
| 2 | Транспорт каражаттары | 2 476 405 | 0 | 2 476 405 |
| 3 | Эмеректер | 27 915 280 | 4 396 194 | 32 311 474 |
| 4 | Офистик жабдыктар | 9 582 914 | 2 567 527 | 12 150 441 |
| 5 | Компьютердик жабдыктар | 53 201 855 | 9 935 544 | 63 137 399 |
| 6 | Инструменнтер | 1 163 314 | -82 786 | 1 080 528 |
| 7 | Китепкана фонду | 13 047 327 | 100 039 | 13 147 366 |
| 8 | Башка инвентарь жана жабдыктар | 29 137 245 | 4 911 241 | 34 048 486 |
| 9 | Пайдалануудагы арзан баалуу тез иштен чыгуучу мулк шаймандары (МБП) | 9 751 894 | -486 665 | 9 265 229 |
| | Жалпы: | 297 909 560 | 42 378 188 | 340 287 748 |

ОшТУнун 2025-жылдын 1-январына карата
кыймылсыз мүлктөрү

7-таблица

| № | Аталышы | Саны | Балантсык баасы |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу лабораториялык корпусу (ТК) | 1 | 10 520 828 |
| 2 | №1 окуу корпусу | 1 | 50 556 998 |
| 3 | №2 окуу корпусу | 1 | 1 508 036 |
| 4 | №3 окуу корпусу | 1 | 1 817 151 |
| 5 | Студенттик жатакана | 1 | 50 214 558 |
| 6 | ОшТУнун китепкана корпусу | 1 | 28 006 657 |
| 7 | Петрова көчөсүндөгү 27/27 дарегиндеги 3 бөлмөлүү кызматтык квартира | 1 | 294 000 |
| 8 | Петрова көчөсүндөгү 3/6 дарегиндеги 2 бөлмөлүү кызматтык квартира | 1 | 48 216 |
| 10 | ОшТУнун теннис залы | 1 | 1 152 000 |
| 11 | ОшТУнун сырткы туалети | 1 | 537 356 |
| 12 | ОшТУнун жылытуу котельныйы | 1 | 263 900 |
| 13 | ОшТУнун спорт аянтчасы | 1 | 5 017 250 |
| 14 | ОшТУнун футбол аянтчасы | 1 | 7 541 447 |
| 15 | ОшТУнун теплицасы | 1 | 166 343 |
| 16 | Чаувай айылындагы окуу полигону | 1 | 57 850 |
| 17 | Луначарский көчөсүндөгү №26 дарегиндеги № 2-жатакана (жер участогу 1472 м2) | 1 | 153 899 |
| 18 | 2х2 өлчөмүндөгү темир будка | 1 | 1 600 |
| 19 | Чайхана | 1 | 80 100 |
| 20 | Кашар (короо) | 1 | 169 100 |
| | Баары: | | 158 107 289 |

ОшТУнун 2024-жылдын 1-январына карата
транспортук каражаттары

8-таблица

| № | Автоунаанын маркасы | Мам. каттоо номери | Чыгарылган жылы | Балакстык баасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | “Тойотта Камри” кызматтык автоунаасы | 02 KG 844 AC | 2013 | 750 000 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | “Мерседес Бенц Б-200” автоунаасы | 00-11 ZA | 1996 | 545 000 |
| 3 | “Daewoo-Lanos II” автоунаасы | 01-12 ZA | 2000 | 154 000 |
| 4 | “ВАЗ-21213 Нива» автоунаасы | 10-62 OA | 2000 | 230 000 |
| 5 | “Мерседес Бенц Е-208” кичи автобусу | 33-55 ZA | 1982 | 460 000 |
| 6 | "Хундай Портер" жүк ташуучу машинасы | 01-45 ZA | 1991 | 233 000 |
| 7 | Трактор МТЗ-80 | 04-38 TPOB | 1981 | 58 996 |
| 8 | Трактордун прицепи | | 1996 | 45 409 |
| | Баары: | | | 1 181 405 |

Мамлекеттик сатып алуулар боюнча

Ош технологиялык университетинин 2024-жылдагы пландалган иштери боюнча электрондук портал аркылуу сатып алууда жалпысынан 66 (алтымыш алты) конкурс жарыяланып, 60 (алтымыш) жоопкерчилиги чектелген коом (ЖЧК) жана жеке ишкерлер (ЖИ) катышкан. Ал конкурска сунушталган сумма – 65 204 870,00 (алтымыш беш миллион эки жүз төрт миң сегиз жүз жетимиш) сомду түзгөн, андан 54 642 966,50 (элүү төрт миллион миллион алты жүз кырк эки миң тогуз жүз алтымыш алты) сомго утуп алып, мамлекетке 10 561 903,50 (он миллион беж жүз алтымыш бир миң тогуз жүз үч) сом үнөмдөлгөн.

2024-жылда аткарылган негизги иштер:

- Ош технологиялык университетинин башкы корпусунун 1-кабатындагы коридору (фое-зал) капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү;
- Башкы корпустун подвалындагы кааналарга желдетүүчү шаймандар (вентиляционный система) орнотулду;
- Башкы корпустун 2-3-4-5-кабаттарында жайгашкан даараткaналары капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү;
- Башкы корпустун эскилиги жеткен өрт өчүрүүчү трубалары алмаштырылды;
- №2 окуу корпусунун айланасына газон өстүрүү иштери жасалды;
- Башкы корпустун 2-кабатынын коридору толугу менен оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү;
- Башкы корпустун 3-кабатынын коридору, ректорат жана жыйындар залы капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү;
- №2 окуу корпусундагы эскилиги жеткен айнек-терезелери жана вахтасы заманбап пластик терезелерине жаңыланды;
- Ош технологиялык университетинин студенттик жатаканасынын мугалимдер жашаган подьезди оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү;

- Ош технологиялык университетинин эмерек жасоочу цехине керектелүүчү материалдар сатылып алынып, студенттик жатаканага атайын кийим илүүчү шкафтар, ашканасына эмеректер жана окуу жайыбыздын бир катар кааналарына, аудиторияларына столдор, шкафтар жана башка эмеректер жасалып, колдонууга берилди;
- Окуу жайыбыздын бир катар кабинеттерине заманбап жаңы кондиционерлер орнотулду;
- Университетибиздин техникалык базасын чыңдоо максатында заман талабына ылайык акыркы үлгүдөгү 140 даана компьютер сатылып алынып, колдонууга берилди;
- Университетте коопсуздукту сактоо максатында студенттик жатаканага, гуманитардык-технологиялык колледжге, окуу имараттардын коридорлоруна, коомдук жайларга жалпысынан 76 даана видеокөзөмөл, камералар орнотулду.

Жогоруда аталган жумуштардын аткарылып, азыркы учурда колдонууга берилген сүрөттөрүн көрсөңүздөр болот:



Башкы корпус, 3-кабат



Башкы корпус, ректорат






Башкы корпус, 2-кабаты оңдоп-түзөөдөн кийин.




Башкы корпус, 1-кабаттын фое-залы капиталдык оңдоп-түзөөдөн кийин.




Башкы корпустун подвалына орнотулган желдетүүчү система





Башкы корпустун дааратканасы оңдоп-түзөөдөн кийин



Оңдоп-түзөөгө чейин



Оңдоп-түзөөдөн кийин

 

Башкы корпустун 3-кабатындагы жыйындар залы (оңдоп-түзөөгө чейин, оңдоп-түзөөдөн кийин)

Андан башка дагы, окуу жайдын билим берүү жана илим тармагында материалдык-техникалык базасын жаңылоо жана чарба буюмдар менен камсыздоо иштери жүрүп жатты.

## 5. ОШТУДА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА 2024-2025-ОКУУ ЖЫЛЫНДА АТКАРЫЛГАН ИШТЕРИ ТУУРАЛУУ

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил макамын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин үч айлыгын жарыялоо максатында мамлекеттик тил бөлүмү өткөрүлүүчү иш-чаралардын Жобосун иштеп чыкты. Окуу жайда аткарылышын камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Мамлекеттик тилдин үч айлыгын жарыялоо жөнүндө» 2024-жылдын 10-сентябрындагы №1404/1 буйругунун негизинде мамлекеттик тилдин үч айлыгын, 2024-жылдын 18-сентябрынан 18-декабрга чейин бекитилген Жобого ылайык иш пландарды түзүп аткарууга алдык.

Мамлекеттик тил бөлүмүнүн 2024-2025-окуу жылына карата түзүлгөн иш планга карата КРдин Конституциясына ылайык «КРдин Мамлекеттик тили жөнүндө» КРдин Конституциялык Мыйзамынын талаптарын жүзөгө ашыруу максатында 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнүн инновациялык маалымат технологиялар институтунун директору э.и.к., доцент М.А. Арзыбаева жана студенттер тарабынан уюштурулуп окуу жайыбызда майрамдык линейка өткөрүлдү.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid0nx6Mt8AyYW19PTv6wE5xLTPUkgxZ8VRGHSVPp7diXEiX7PiQf3UL5nfJsdrg3f4tl

ГТКнын мамлекеттик тил бирикмеси тарабынан “Кыргыз тили – эл тарыхын баяндаган, тилсиз тарых өз кулачын жая албаган” аттуу адабий-музыкалык иш-чара болуп өттү. Кечени ПЦБнын мамлекеттик тил бирикмесинин окутуучулары Н. Акматалиев, Д. Мамыров уюштуруп, жогорку деңгээлде өткөрүлдү.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid032JAzJBCGZ9U5orA7zsiGAf

https://www.facebook.com/100010130072749/videos/1328030848541611/

2024-жылдын ноябрь айында окуу жайда иш кагаздарын түзүү жана жүргүзүү боюнча (КРдин Министрлер кабинетинин 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтомунун редакциясына ылайык ) Типтүү нускаманын негизинде институттардагы иш кагаздарынын түзүлүү, жүргүзүлүү нормалары атайын график менен текшерилди. Бөлүмдүн атайын адистери тарабынан байкоого алынып чыкты. Окуу жайда түзүлүп, жүргүзүлүп жаткан иш кагаздар, көрнөк-жарнактар, жумушчу программалар, ураан-чакырыктардын абалы боюнча таанышып, тиешелүү сунуштар берилди. 11-12-ноябрь күндөрү кайрадан рейд жүргүзүлүп, кээ бир кафедраларга эскертүү берилди. Көрсөтүлгөн кемчиликтердин жоюлуп жаткандыгына күбө болдук.

Жылдын 14-ноябрында архитектура жана курулуш институту тарабынан улуттук каада-салтты даңазалоого жана сактоого арналган «Улуттук каада-салттарды даңазалоо» аттуу музыкалык иш-чара болуп өттү. Иш-чарага институттун директору т.и.к., доцент М.Д. Шабданов жана окутуучулар катышты. Маданий кечеде «Манас» эпосу, кыргыз бийлери, кыргыздын улуттук, элдик ырлары ошондой эле кыргыздын каада-салттары аткарылып, этти устукандоо жана улуттук оюндар көрсөтүлдү. Активдүү катышкан окутуучуларга окуу жайдын мамлекеттик тил бөлүмү тарабынан ыраазычылык баракчалар жолдонду.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid06DSYrNbbMhCYu4kDwEGAzNHMdK1w1Nq4HtW3yCrHhKBvJ2SSz3W6grVm3Ucv56Wol
https://www.facebook.com/100010130072749/videos/594968312959169/
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid02x2vPdLUWj5FEptSi5473heuJytBV1z75kyCmHjJLLPreZB9miNfQr6CaFY5hLHMGl

2024-жылдын 26-ноябрында ГТКнын окутуучуларынын ортосунда көөнөргүс салттардын бири кыз-жигит, оюн-зоок «Достук» сармердени болуп өттү. ГТКнын директору ф-м.и.к., доцент Т.Ы. Саадалов, ПЦБнын коомдук жана табигый илимдер борборунун башчысы А.Таштемирова жетектеген таланттуу, өнөрлүү окутуучулар коштоп **көрүүчүлөргө өзгөчө маанай тартуулашты. Алардын аткаруусунда элдик чыгармалар жаңырып, жандуу, терең мазмундуу ырлар менен чыгармачыл чеберчилик айкалышты.**

Иш-чаранын негизги максаты кыргыз элинин улуттук каада-салт, үрп-адаттарын, нарк-насилдерин даңазалоо болуп саналат. Мында Манас айтуу, төкмөлүк өнөр, ыр-бий, макал-лакап, жаңылмачтар, табышмактар, каада-салттар менен коштолуп, окуу жайдын жалпы жамаатына жана студенттерине көңүлдүү маанай тартууланды. Жыйынтыгында калыстар тобунун чечими менен атаандаш тараптар тең чыгып, достук жеңиши менен аяктады.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid077rxbesQyVi1Tym8RYaox8GmhYoJdw9AD3MdppDiXVqFRzTEWh6Qz2QozMjT4QEul
https://www.facebook.com/100010130072749/videos/907020434890955/
Жылдын 3-декабрында экономика жана башкаруу институтунун директору э.и.к., доцент А.М. Хамзаева жетектеген окутуучулардын катышуусунда кыргыз элинин элдик ырларын сахналаштырып аткаруу чеберчилиги коштогон кече өткөрүлдү. Иш-чарада улуттук маданияттын бай-мурастарын чагылдырган чыгармалар жаңырып, көрүүчүлөргө чыныгы руханий ырахат тартууланды. Программада окутуучулардын катышуусунда элдик чыгармалардын жандуу аткарылышы, улуттук бийлердин көрсөтмөсү жана салттуу

аспаптардын коштоосундагы музыкалык номерлер сунушталды. Көрүүчүлөр тарабынан кыргыз элинин ыр-күүлөрүнүн терең мазмунун жана руханий баалуулугун белгилешти.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid02WtRMhwdUBwj6FJoD2UbiqkEHsxeqBYRVxks14J8fJz6CDjasRVnK2f74Y3RyCjvVl
https://www.facebook.com/100010130072749/videos/1771901110297396/

***4-декабрь – «Манас» эпосунун күнүнө карата энергетика жана транспорт институтунун директору, ОшТУнун профессору Н.А. Мурзакулов тарабынан уюштурулган «Кыргыздардын кеп адеби жана нарктуулук» деген темада тегерек стол уюштурулду. «Саламдашуу адебинин нарктуулугу» деген темада ОшТУнун профессору Б.А. Жоробеков баяндама жасады. Ошондой эле кафедра башчы профессор А.Б. Сатыбалдыев, доцент Н. Алдашева, доцент И.Т.Турдуев кызыктуу баяндама жасашты. Иш-чарага окуу жайдын жетекчилиги, институттун жамааты жана студенттер катышты. Иш-чарада "Манас" эпосунун улуулугу, артыкчылыгы, кыргыздын улуттук идеологиясы жана нарктуулук боюнча талкуу болду. https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid02Fix8Yd7JC2PBP8nqgwFLDuST9pYKW7oBWJ6zwAbPsL4jVHQzSyrHftr9T6k65Xb2l.***

2024-жылдын 6-декабрында ОшТУнун академик Б.Мурзубраимов атындагы Өзгөн Эл аралык технологиялык жана билим берүү институтунда акын, драматург Т. Тагаевдин "Манастын уулу Семетей" аттуу театрлаштырылган спектакли коюлду. Институттун директору т.и.к., доцент З.Б. Зулпуев, мамлекеттик тил жана коммуникация боюнча директордун орун басары Г.Т.Темиралиеванын жетекчилиги менен уюштурулуп, өткөрүлдү. Университеттин мамлекеттик тил боюнча проректору А.З. Зулпуев, ф.и.к. Ж.К. Айтибаева, мамлекеттик тил бөлүмүнүн адиси Г.А. Максутовалар жана Өзгөн районунун акын жазуучулары, окутуучулары, студенттери катышты. Мында иш-чарага активдүү катышкан окутуучуларга жана студенттерге ОшТУнун Ардак грамотасы, мамлекеттик тил бөлүмүнөн Ыраазычылык баракчалар берилди.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid02Df9XcJAXmXca1RF7obSzeBarUxxhRaLPU97cejyZgdtuZJY5afCtdqbFs9ghwjDUl

12-декабрда Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата "Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы таалим-тарбия жана нарктуулуктун таасири" деген темада адабий-музыкалык кече өтүлдү. Кечени индустриалдык-педагогикалык институтунун кафедра башчысы п.и.к., доцент С.К. Бердибекова жана ОшТУнун доценти М.Маматова уюштурган. Кечеде улуу жазуучунун чыгармаларынын таасирдүүлүгүн жана алардын тарбиялык маанисин баса белгилеген чоң иш-чара болду. Негизги бөлүгүндө Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөр окулуп, каармандардын образдары чеберчилик менен сахналаштырылды. Институттун студенттери тарабынан даярдалган музыкалык номерлер, анын ичинде "Саманчынын жолу" чыгармасынан алынган монологдор жана ыр-күүлөр аткарылды.

Иш-чаранын соңунда катышуучулар улуу жазуучунун чыгармаларынын тарбиялык багыты жана алардын жаштар арасында жайылтуу маанилүүлүгүн белгилеп, улуттук маданиятты сактоого жана өнүктүрүүгө чакырышты. Кече өз максатына жетип, улуу жазуучунун руханий мурасы дагы бир ирет унутулгус баалуу мурас катары далазаланды.

2024-жылдын 13-декабрь күнү Бабур атындагы Ош мамлекеттик өзбек музыкалык драма театрында КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы М.К. Мураталиевдин "Кыргыз таануу" окуу курсу жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында жүргүзүлгөн иштерди жыйынтыктоочу иш-чара болуп өттү.

ОшТУнун мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучулары, китепкананын директору Курбанбай кызы Акмангүл жетектеген китепканачылар жана жеңил өнөр жай кафедрасынын студенттери окуу жайдын атынан көргөзмөгө катышты. Ар бир окуу жай Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун тарыхын, мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытын

жана улуттук баалуулуктарды чагылдырган көргөзмө бурчун жогорку деңгээлде уюштуруп көрсөтүштү.

Иш-чаранын алкагында биздин окуу жай Ош шаарынын мэриясы тарабынан мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө салымын кошкон “Мыкты окуу жай” сыйлыгына ээ болду. https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid02oU7vuNeVP6PD7V5Jg1P1WRu9D57UHEuZywNbet5jxZtRT5YXGyJFCgT1CJi9Qoosl

17-декабрь күнү жарыяланган үч айлыктын алкагында мамлекеттик тил боюнча проректор А.З.Зулпуев, окутуучу ф.и.к. Ж.К.Айтибаева жана мамлекеттик тил бөлүмүнүн адиси Г.А.Максутовалар жетекчилик кылган иш-чаралар ийгиликтүү жыйынтыкталды. Үч айлыктын алкагында өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катышкандыгы үчүн окутуучу-профессордук курам окуу жайдын Ыраазычылык баракчалары, Ардак грамоталары менен сыйланды. Жыйынтыктоо кечесинде мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучулары Н.С.Турганбаева, Н.Б.Апазбекова, Г.С.Жумабаевалардын демилгеси менен студенттердин ортосунда “Жетинин бири” аталышындагы интеллектуалдык таймаш өткөрүлдү. Таймашка ар бир институттан жана ГТКдан бирден топ уюштурулуп, жети команда катышты. Таймаш 7 баскычтан туруп, ар бир баскычта кыргыз тили жана адабияты боюнча кызыктуу тапшырмалар берилди. Жыйынтыгында технология жана жаратылышты пайдалануу институтунун "Асылзат" тобу 1-орунду, ГТКнын "Мурас" тобу 2-орунду, архитектура жана курулуш институтунун "Тил мурас" тобу 3-орунду алышып, дипломдор жана кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланышты. https://www.facebook.com/share/p/192p9YPBFY/.

21-февраль – Бүткүл дүйнөлүк эне тилдин эл аралык күнүнө карата 2025-жылдын 17-февралынан 27-февралына чейин 10 күндүктүн алкагында Ош шаарынын мэриясы тарабынан бекитилген иш планга ылайык 10 күндүктүн алкагында жүргүзүлө турган иш-чаралардын планын иштеп чыгуу менен аткарууга алды.

2025-жылдын 20-февраль күнү ПЦБнын дүйнөлүк тилдер бирикмеси жана коомдук жана табигый илимдер борборунун башчысы А.А. Таштемирова, Т.Б. Борошова “Тил дүйнөнү бириктирет” аттуу иш-чара уюштуруп, өткөрүлдү. Ага окуу жайдын жетекчилиги, окутуучулар жана студенттер катышты. Студенттер кыргыз, корей, кытай, англис, казак жана тажик тилдеринде улуттук ыр, бийлерди аткарышты. Ар бир улуттун тилинде ырлардан көркөм окуп, көрүнүштөрдү аткарды. Иш-чаранын алкагында викторина уюштурулуп, тил боюнча суроолор берилип, активдүү катышкан студенттерге сыйлыктар тапшырылды.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid0CvphHDsR2JLRD1dE7dACw1Njo7XdojbyMVG21kc1Jk4UwZqwSDZFt82Wq61TUtgul.

21-февраль күнү окуу жайдын дүйнөлүк тилдер кафедрасынын башчысы Н. Хабибуллаева тарабынан уюштурулуп, «Эне тил - улуттун жан дүйнөсү» аттуу майрамдык салтанат өткөрүлдү. Майрамдык салтанатка университеттин жетекчилиги, Ош шаарындагы Орус үйүнүн жетекчилиги, окутуучулар жана студенттер катышты. Иш-чарада университеттин окуу иштери боюнча проректору У.Ж. Мамытов кеченин катышуучуларын куттуктады. Ош шаарындагы Орус үйүнүн жетекчиси Дмитрий Николаевич билим берүү, илим жана маданий тармакта ОшТУ менен кызматташып келгенин айтып, окуу жайга бир нече адабий китептерди белек кылып тапшырды.

Мамлекеттик тил, орус тили жана славян маданияты, америка маалымат-ресурстук, корей тил жана кытай тил борборлорунда окуп, тилдерди үйрөнүп жаткан студенттердин катышуусундагы майрамдык кечеде ар улуттун ырлары жаңырып, бий менен коштолгон музыкалык чыгармалар катышуучуларга жагымдуу маанай тартуулады. Студенттер өздөрү үйрөнүп жаткан тилдерди даңазалоо максатында ар улуттун маданиятын, тилин, улуттук баалуулуктарын көрсөтүп, ыр-бийлерди аткарышты. Жыйынтыгында иш-чарага активдүү катышкан студенттер сыйланды.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid08JvwG5WFjVMyQJso2WuBmUpq8uEwRvtsTLufbNAwp1oZ8f4b58Eej2sviEiBnZG1l

Ош шаарынын мэриясы тарабынан 21-февраль – Бүткүл дүйнөлүк эне тилдин эл аралык күнүнө карата он күндүк иш-чаралар жарыяланган. Он күндүктүн жыйынтыктоочу иш-чарасы Бабур атындагы Ош мамлекеттик өзбек музыкалык драма театрында белгиленди. Андан соң Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы М.К. Мураталиев «Кыргыз таануу» курсу боюнча «Кыргыз элинин окутулбаган тарыхы» деген темада лекция окуду.

Иш-чарага шаардагы мекеме-ишканалардын катарында ОшТУнун мамлекеттик тил жана дүйнөлүк тилдер кафедрасынын окутуучулары жана студенттер катышып келди. ОшТУнун корей тили борбору корей элинин фольклордук ыры менен биргеликте каада-салтын көргөзүп, окуу жайдын активдүүлүгүн көрсөтө алды. Окуу жайдын шаардык мэрия тарабынан уюштурулган коомдук-маданий иш-чараларга жигердүү катышкандыгы, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө бараандуу салым кошкондугу жана студент-жаштарды тарбиялоодогу эмгеги үчүн университеттин мамлекеттик тил проректору А.З. Зулпуев мэриянын Ардак грамотасы менен сыйланды.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid02H8aYEMYDiKmypSKejq3BZV5bQKqZEH7R485ujBbXBicz61JB2cTtf76tbwYvLtcMl
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid026xdywN1c1MQaeFfeYwWh4GYrTPLbLus2itCKFN4HJtmGMyp8gHUDTgm1JRV3rBoAl

Окуу-билим процессин камсыз кылуу үчүн китепкананын маалыматтык ресурстары толукталды. Басмадан чыккан жаңы китеп, газета, журналдарды электрондук контенттер алынды. Жаңы маалымат технологияларын колдонуп иштөөнү жакшыртуу менен электрондук каталогду түзүү, электрондук китепкананы, электрондук окуу залдарын уюштуруу менен окурмандарга дүйнөлүк маалымат ресурстары менен колдонууга шарт түзүлдү. Китепкананын фондун топтоо үчүн китеп дүкөндөрү, жеке авторлордон (университеттин окутуучуларынын эмгектери), колледж, институттардын , кафедралардын жана ошондой эле ар түрдүү булактардан китеп сатып алуу менен китепкана филиалдардын өтүнүчү аркылуу жүргүзүлүп, натыйжасында эки жүз миң (200,000) сомдук китеп сатып алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

2024-2025-окуу жылында китепкананын фондуна жаңы китептер алынып, гезит-журналдарга жазылуу жүргүзүлдү. Жаңы алынган китептер китепкананын структуралык бөлүмдөрүнө таркатылып, инвентардык китепке түшүрүү менен ИРБИРС 64+ программасы иш жүзүнө ашырылды.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid0KNhrd5yv1zXPCrpaLAYmmRoEM8GC11v5K3FF2F7S6EdqsB3nqtNa7XgQQfL1T9k3l?mibextid=wwXIfr

Электрондук каталогду түзүүдө периодика базасы аркылуу диссертация жана авторефераттар базага киргизилди. Автоматташтырылган «ИРБИС» - 64+ системасын мүмкүнчүлүктөрүн өздөштүрүү (АРМ “Комплектатор”, АРМ “Книгообеспеченности”) ИЛдин китеп фондусун электрондук каталогго жайгаштырууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Структуралык окуу залдардын электрондук каталогдоруна толукталып, биринчи курстарга окурмандык билет берилди. Окурмандарды тейлөөдө автоматташтырылган ИРБИС64+ программасынын АРМ “Книговыдача” колдонулду. Окурмандардын суроо-талабын канааттандыруу үчүн маалымат-библиографиялык жумуштарды аткарды. Дүйнөлүк электрондук маалымат ресурстар (Россиянын Элайбрери ж.б.) менен иштелди. Китепкананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо менен 12 заманбап компьютер менен толукталды. 534 миң рубльдук ИРБИРС 64+ програмасын сатып алдык.
https://www.facebook.com/pressaoshtu/posts/pfbid0KNhrd5yv1zXPCrpaLAYmmRoEM8GC11v5K3FF2F7S6EdqsB3nqtNa7XgQQfL1T9k3l?mibextid=wwXIfr

## 6. ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН “ТАРБИЯ ИШТЕРИ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ” ДЕПАРТАМЕНТИНИН 2024-2025- ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ТУУРАЛУУ

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “Тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаменти 2024 -2025 - окуу жылы үчүн ОшТУнун Окумуштуу кеңеши бекиткен жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги, Ош шаарынын мэриясынын “Социалдык-маданий өнүктүрүү” бөлүмү тарабынан сунушталган кошумча иш чараларды эске алуу менен толукталган иш пландын негизинде окуу жайдагы тарбиялык, маданий-массалык, коомдук жана спорттук иштерди алып барат.

Департаменттин негизги максаты - окуу жайдагы жаштар арасында тарбия иштерин жүргүзүү, алардын социалдык активдүүлүгүн өнүктүрүү, жаштардын коомдук жана жеке демилгесин колдоо, аларды жалпы коллективге керектүү мүчө болууга, демократиялык айкындуулуктун жактоочусу катары, уюштуруучулук, чыгармачылык ойлонуу ыктарын калыптандырууга, өз алдынча туура жыйынтык чыгарып, турмуштук кырдаалдарды анализдөө ыкмасына ээ болууга, инсанга аяр мамиле кылууга жана чындыкка болгон адеп-ахлактык, эстетикалык мамилесин өнүктүрүүгө тарбиялоо. Ошону менен катар, ОшТУнун студент-жаштарынын коомдук жана күнүмдүк жекече жашоо абалдарынан кабардар болуп, алардын окуу, жашоо жана эс алуу шарттарын мүмкүндүк болушунча камсыздоо жана аларга келечекте коомдогу өз ордун табууга көмөктөшүү.

Үстүбүздөгү окуу жылы Тарбиялык иштер жана социалдык өнүктүрүү департаменти (ТИжСӨД) бекитилген иш планда белгиленген дээрлик бардык бөлүмдөрүн толук аткарып, андан тышкары Агартуу министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн, Ош шаардык мэриясынын көрсөтмөлөрүн аткарды.

Жаштарга укуктук, адептүүлүк, патриоттуулук, интернационалдык, атуулдук жана дене тарбия берүү, студенттердин өз алдынча болуусун өнүктүрүү, аларды өзүн-өзү башкарууга багыттоо жана жаштар саясатын өнүктүрүү үчүн, ОшТУнун Тарбия иштери жана социалдык өнүктүрүү департаментинин курамдык бөлүмдөрүндө, 2024-2025- окуу жылы үчүн бекитилген иш пландарынын негизинде жыл ичинде төмөндөгү багыттарда жумуштар аткарылды:

- **Студенттерде адамзаттык баалуулуктарды, улуттук салт-санааларды урматтоо сезимдерин калыптандыруу, аларды мамлекеттик символикаларга, каада-салттарга, демократиялык жетишкендиктерге аздек мамиле кылууга тарбиялоо.**

| № | Ишчаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Эскертме |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргызстан Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 33 жылдыгына карата “Гүлдөй бер эгемендүү Кыргызстаным” акциясын уюштуруу боюнча иш чара алып баруу | 31--август 2024-ж. | ОшТУнун Архитектура жана курулуш институтунун жоопкерчилиги астында МЭБ, ЖК активдүү катышуусу менен университеттин жалпы жамааты шаардык иш чарага катышты. . |
| 2 | «Билим күнү» иш чарасын уюштуруу | 1-сентябрь 2024-ж. | ТИжСӨД, ЖК, МЭБ жана “Жаштык” телестудиясынын катышуусу менен, университеттин жалпы жамааты үчүн салтанаттуу митинг өткөрүлдү. Митингден соң, окуу кааналарында салттуу түрдө “Тынчтык сабагы” өткөрүлдү. |
| 3 | “Карыялар күнүнө” карата иш чараларды уюштуруу. | 1- октябрь 2024-ж. | Ош шаарынын мэриясынын токтомуна ылайык шаардагы жардамга муктаж 3 атуулга ОшТУ тарабынан акчалай жардам көрсөтүлдү. ТИжСӨД, ЭжТ институту жана профсоюздук уюму менен бирге, ОшТУнун карыяларына арналган салтанаттуу жана концерттик бөлүмдөрдөн турган иш чара өткөрүлдү. Карыяларга белектер тапшырылып, сый тамак берүү менен аяктады. |
| 4 | Студенттер тарабынан карылар үйүнө, жетимдер үйүнө жардам көрсөтүү. | Жыл бою | ОшТУнун ЖК жана студсенаттардын уюштуруусу менен институттарда марафондор уюштурулуп, студенттеринин катышуусунда Ош шаарындагы “Алтын Уя” боорукердик үйүнө, “Байчечекей” майып балдар бакчасына, Оштогу азиз жана дүлөйлөр коомуна акчалай, материалдык жардам көрсөтүлдү жана шефтик жардам катары ишембиликтер уюштурулду. |
| 5 | Студенттер үчүн Кыргызстандын тарыхий жерлерине экскурсияларды, музейлерге жана театрларга барууну уюштуруу | Жыл ичинде | Студсенаттын, директорлордун тарбия иштери боюнча орун басарларынын жана кураторлордун жардамы менен Ош шаарынын музейлерине, театрга баруулар жана өрнөктүү адамдардын өмүрү жөнүндө кинотасмаларды көргөзүү уюштурулду. |

**Этикалык-эстетикалык жана экологиялык тарбиянын деңгээлин жогорулатуу.**

| № | Ишчаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Эскертме |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | “Студент - стилдүү бол” акциясы | Жыл бою | Университеттик денгээлде “Студент стилдүү бол” иш-чаралары жыл ичинде уюштурулду. Мында студенттердин кийимдерине көнүл бурулду. |
| 2 | “Эл аралык мугалимдер күнүнө” карата иш чараларын өткөрүү. | 5-октябрь 2024-ж. | Университеттик масштабда жооптуу ЭжТ институту, ТИжСӨД жана ОшТУнун профкому тарабынан,уюштурулуп, алдыңкы мугалимдерге грамоталар жана баалуу сыйлыктар ыйгарылды. МЭБ тарабынан даярдалган концерт тартууланды. |
| 3 | Жыл сайын өткөрүлүүчү медициналык кароону уюштуруу. | Ноябрь, Декабрь, Февраль 2024-ж.2025-ж | Түзүлгөн графикке ылайык, сентябрь, октябрь, ноябрь- декабрь, февраль айларында ОшТУнун бардык кызматкерлери жана студенттери жыл сайын өткөрүлүүчү медициналык кароодон түзүлгөн жадыбалга ылайык өткөрүлдү. Жалпысынан 1500 дөн ашуун студент медициналык кароодон өтүштү. |
| 4 | Аракечтик, баңгилик жана СПИД менен күрөшүү боюнча иш чара өткөрүү. | 1-декабрь 2024-ж. | 1- декабрда студенттер үчүн Ош шаардык СПИД борборунун дарыгери, эпидемиолог Шайдиев Жапардын катышуусунда 5 күн бою ОшТУнун студенттери үчүн жолугушуу-маек өткөрүлдү. |
| 5 | Жугуштуу оорулардан сактанунун жолдору | Жыл ичинде | Баардык институттардын студенттери менен жугуштуу оорулардан сактанунун жолдору аттуу дискуссиясы болуп өттү. |
| 6 | “Кыз адеби кымбат” жолугушуусу | Декабрь | ОшТУнун Студенттер үйүнүн жашоочу кыздарына дискуссия болду. |
| 7 | Окуу жайдын айланасын тазалоо | Жыл-ичинде | ОшТУнун жалпы жамааты университетин айланасындагы жер тилкелеринде, Ак-Буура дарыясынын жээктеринде жана аймагында экологиялык абалды жакшыртуу максатында тазалоо, жаңылоо жана иреттөө иштерин жүргүздү. |
| 8 | Поэзия кечесин өткөрүү | апрель | ОшТУнун студенттер үйүнүн чыгармачылык кечеси болду. “Кош жылдыз” конкурсу уюштурулду. |
| 9 | Факултеттер арасында студенттик ШТК уюштуруу | апрель | ОшТУнун студенттеринин арасында факултеттер арасында ШТК сынагы уюштурулду. |

**Студенттерди укук бузуулардын жана диний-экстремисттик топтордун катарына кирип кетүүсүнө жол бербөө.**

| № | **Ишчаранын аталышы** | **Аткаруу мөөнөтү** | **Эскертме** |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу тайпаларында учурдагы диндин мааниси тууралуу кураторлук сааттарды өткөрүү. | Жыл ичи | Куратордук саат университеттин бардык окуу тайпаларында өткөрүлдү. |
| 2 | Студенттер арасында диний экстремисттик агымдарга каршы иш чараларын жүргүзүү | 2024-2025-ж.ж | Студенттер арасында диний экстремисттик агымдарга каршы түшүндүрүү иштерин жүргүзүү максатында, ислам дини жана учурдагы диний агымдар жөнүндө маек өткөрүлдү. Майекке дин мекемелеринин кызматкерлери, ОшМУнун Теология факультетинин профессорлору жана Улуттук коопсуздук кызматынын өкүлдөрү катышты. |
| 3 | Студенттерди Банги заттардан алыстатуу | Февраль, Март | Ош областтык жана Ош шаардык наркротикалык заттарга каршы курошуу башкармалыгынын кызматкерлери менен жолугушуу болуп, тушундуру иштери жургузулду. |
| 4 | Студенттер арасында укук бузууларын азайтуу | Жыл ичинде | Студенттер арасында укук бузууларды, коомдук тапртипти жана жол коопсуздугунун эрежелерин сактоо боюнча жыл ичинде 4 жолу укук коргоо органдары менен иш-чаралар, форумдар уюштурулду. |

**Бардык деңгээлдеги жетекчилердин жана студенттердин арасында тыгыз байланыш түзүү, алардын ортосунда болгон жолугушууларда кабыл алынган чечимдердин аткарылышын өзгөчө көзөмөлдөө.**

| № | **Ишчаранын аталышы** | **Аткаруу мөөнөтү** | **Эскертме** |
|---|---|---|---|
| 1 | Декандардын тарбия иштери боюнча орун басарлары менен кеңешме өткөрүү | Жыл ичинде | График боюнча |
| 2 | Студенттердин ректор, проректорлор жана профессордук окутуучулар курамы менен жолугушуусун уюштуруу | Сентябрь, Октябрь, Ноябрь | ОшТУнун ректорунун Окуу болумунун башчысы, ТИжСӨ департаментинин директору, ЖК төрагасы, студенттер менен жолугушуу өткөрүштү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Студенттердин жашоо шарттарын жакшыртуу.**

| № | Ишчаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Эскертме |
|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык оор абалдагы студенттерге жардам берүү | Жыл ичинде | Университет боюнча тоголок жана жарым жетим студенттер, жетишсиз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн балдары, ОшТУнун кызматкерлеринин балдары, 87 студент контракттык төлөмдөрүнүн айрым бөлүгүнөн бошотуу жолу менен жардам алышты. |
| 2 | ОшТУнун “Студенттер үйүнө” жайгаштыруу | Жыл ичинде | Жатаканадагы орундар институттарга жана колледжге бөлүнүп берилип, жайгаштыруу иштери декандардын тарбия иштери боюнча орун басарлары аркылуу, студенттердин жекече шарттарын жана өздүк жүрүм-турумун эске алуу менен жүргүзүлдү. |
| 3 | “Студенттер үйүндөгү” абалды көзөмөлдөө | Жыл ичинде | Институттардын директорлорунун тарбия иштери боюнча орун басарлары өз иш пландарындагы график боюнча көзөмөлдөө жүргүзүштү. |